Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
19-августу

№62 (3718)

www.erkin-too.kg

# ТАБИЯТЫБЫЗДЫ ТАЗА САКТАЙЛЫ!



Президент Садыр Жапаров өзүнүн социалдык тармактагы баракчасына видео жүктөп, кыргызстандыктарды табиятты таза сактоого чакырды. "Бүгүн дем алыш күнү Ысык-Көлдүн жээгин жөө кыдырып келдим. Болгону бир километр жээкти видео тасмага тартып алдым. Өзүңүздөр көрүп тургандай, бир метр таза жер жок. Жээктин баары таштандыга толуп кеткен. Анысы аз келгенсип автомашиналар менен көлгө чейин кирип алышкан. Көлдүн жээгине 100 метрге чейин кирбеш керек деген эрежени билишпейт (автоунаалардын ээлерин уят кылбайын деп видеодон алып койдум). Ысык-Көл бизге бүгүн эле керектей колдонобуз. Тартипсиздер менен баарлашып көрүп 20-30, 40-50 жылдан кийин да урпактарыбызга таза табият керек деген нерсе бир дагы жаранныбыздын оюна келбей турганын билип, абдан өкүндүм. Жээктеги тартип бузган, таштанды таштаган, машина менен көлдүн ичине чейин кирип алган эс алуучулардын 100%ы өзүбүздүн жарандар экен. Урматтуу кыргызстандыктар, келгиле табиятыбызды таза сактайлы. Бизден кийинки муундарга да табият керек экенин унутпагыла. Бул кайрылуум бир эле Ысык-Көлдүн айланасына тиешелүү эмес, бүткүл өлкө боюнча эс алуучу жайларга, жайлоолордо жашаган жарандарыбызга, жергиликтүү элдерге, дегеле кыргызстандыктардын баарына тиешелүү" деп жазган Өлкө Башчысы кайрылуусунда.

## ТӨРАГА "ТУЛПАР МОТОРС" ЗАВОДУНАН КАБАР АЛДЫ



Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу "Тулпар моторс" унаа чогултуучу заводдун ишмердүүлүгү менен таанышты. Унааларды чогултуу этаптарын толук көрүп чыккан Төрага: "Кыргызда жылкынын мыктысын "тулпар" деп атайт. Андыктан "Тулпар моторс" заводу атына заты төп келген мыкты унааларды чыгарып, элибизге кызмат кылат деген ишеничтемин. Ал эми мамлекет мындай өндүрүштүк жайлардын ачылышына артыкчылык берип, ар тараптуу колдоого даяр" - деди. Буга дейре ширеңке өндүрбөгөн Кыргызстан 5 жыл ичинде унаа чыгарган кубаттуу мамлекетке айланганын белгилеген Нурланбек Тургунбек уулу "Ата мекендик өндүрүш алдыга жылмайынча, мамлекетибиздин өнүгүшү кыйын. Ошондуктан, кичине болобу, чоң болобу өзүбүздүн өндүрүштү колдоп, өнүктүрүшүбүз керек. Азыркы шартта жаңы жумуш орундарын түзүү башкы маселе. Жүздөй адамды иш менен камсыздаган бул ишкананын келечеги алдыда. Керектүү шарттарын түзүп берсек, өндүрүшүн көбөйтүп, экспортко чыгуусуна да мүмкүнчүлүк түзүлөт" - деп кошумчалады. Унааларды элге жеңилдетилген шартта сатуу боюнча да тийиштүү иштер алып барылышы керектигин айткан Төрага заводдун жетекчилигин аталган багытта мамлекеттик банктар менен тыгыз иш алып барууга чакырды. Баарлашуу маалында заводдун жетекчилиги алдыдагы пландары менен бөлүшүп, өндүрүштүк жайды кеңейтүү боюнча 5 жылдык план иштелип чыкканын маалымдады. Ага ылайык, кошумча жер аянты керектигин белгиледи. Төрага өзүн коштоп барган облус жетекчиси Канат Жумагазиевге жер маселеси боюнча иш алып барууну табыштады.

## "Уңгу жолду улайлы" форуму Ак-Талаада

Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов Президенттин "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгу жолу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында Ак-Талаа районунда "Уңгу жолду улайлы" аталышындагы райондук форумга катышты. Форум "Ак-Талаа эл" коому тарабынан Президенттин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү жана райондук администрация менен биргеликте уюштурулган. Иш-чарага 600гө жакын аксакалдар, аялдар жана жаштар кеңештеринин өкүлдөрү, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, облустагы райондордун акимдери катышып, учурдагы идеологиялык жагдай тууралуу ойлорун ортого салышты. Марат Иманкулов өзүнүн кайрылуусунда ааламдашуу, жасалма интеллект, түрдүү кызыкчылыктардын кагылышы сыяктуу чакырыктар күн санап өсүп жаткан шартта өлкө алдында аларга туруштук берүү, түптүү маданиятыбызды, салт-наркыбызды, улуттук баалуулуктарыбызды жоготуп албоо, аларды сактоо, өнүктүрүү, кийинки муунга татыктуу өткөрүп берүү сыяктуу көптөгөн милдеттер турганын баса белгиледи. Ал бул иште аксакалдардын, энелердин, айымдардын жана жаштардын орду өтө чоң экендигин ырастады. Форумдун жыйынтыгында катышуучулар ушул өңдүү улуттук жыйындарды туруктуу өткөрүп туруу сунуштарын билдиришип, резолюция кабыл алышты.

## Эттин баасын көтөргөндөргө чара көрүлөбү?

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматы, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарына жер-жерлерде (район, шаарларда) мал этинин баасын тынымсыз көзөмөлдөп туруу, эгерде мамлекеттик көзөмөл киргизилгенден кийин эттин баасын негизсиз көтөргөн учурлар катталган болсо тийиштүү чараларды өз убагында көрүү боюнча конкреттүү тапшырмаларды берди. Өлкөдө 11-августтан тарта эттин баасына 90 күнгө мамлекеттик көзөмөл киргизилген. Мындай чечим баанын негизсиз кымбатташына жол бербөө жана калк үчүн продукциянын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында кабыл алынган. Бакыт Төрөбаевдин дагы бир тапшырмасына ылайык Экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматына эттин чекене баасын көзөмөлдөп туруу боюнча тапшырманы коюп, ага ылайык, этке болгон баа 700 сомдон төмөн болушу керек болчу.

## Кара-Баткак мөңгүсүнө экспедиция жасалды

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов менен Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргызстандагы туруктуу координатору Антье Граве Улуттук илимдер академиясынын Тянь-Шань бийик тоолуу физикалык-географиялык станциясына биргелешкен экспедицияга катышты. Экспедициянын максаты – эл аралык коомчулуктун көңүлүн мөңгүлөрдүн, өзгөчө Кара-Баткак мөңгүсүнүн кыскаруу тенденциясына буруу. Кара-Баткак мөңгүсү бүткүл Борбор Азия үчүн өтө маанилүү болгон таза суунун булагы болуп саналат. Экспедициянын жүрүшүндө катышуучулар кыргыз окумуштуулары тарабынан жүргүзүлгөн көп жылдык илимий байкоолордун жыйынтыктары менен таанышып, суу ресурстарын коргоо, Кыргызстандын бай биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо жана тездик менен күчөп жаткан чакырыктарга ыңгайлашуу боюнча чараларды күчөтүү маселелерин талкуулашты. Туруктуу өнүгүү жаатында кабыл алынган чечимдердин негизинде илимий ыкма жатышы керектигин белгилеген Эдил Байсалов "Кыргызстан – мөңгүлөр өлкөсү. Биз бул уникалдуу ресурсту коргоо милдеттүүбүз. Мөңгүлөрдүн эриши – бул улуттук коопсуздуктун, суу туруктуулугунун жана өлкөнүн келечектеги өнүгүүсүнүн маселеси" - деген пикирин билдирди.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШТЕГЕН ТИШТЕЙТ

# МУГАЛИМДЕРДИН АЙЛЫГЫ КӨТӨРҮЛӨТ. БИРОК, КАТУУ ТАЛАП КОЮЛАТ

***2026-жылы Кыргызстанда билим берүү кызматкерлеринин айлык акысы эки этап менен көтөрүлөт. Бул тууралуу Агартуу министри Догдургүл Кендирбаева билдирди. Анын айтымында, мугалимдердин коомдогу ролу өскөн сайын алардын эмгегин адекваттуу баалоо маселеси актуалдуу болууда. Тактап айтсак, мугалимдин айлык акысы анын ишинин натыйжалуулугуна, окуучулардын билим деңгээлине жараша эсептелет.***



Бул маселе тууралуу түшүндүрмө берген министр Кендирбаева "Айлык акыны жогорулатуу 2026-жылдын апрель жана октябрь айларында эки этап менен ишке ашат. Финансылык эксперттер механизмдин деталдарын иштеп жатышат. Окутуунун сааттары кыскарбайт, бирок айлыктар иштин натыйжалуулугуна жараша көбөйөт. Окуучулардын билим сапаты канчалык жогору болсо, мугалимдердин айлыгы да ошончолук жогору болот", - деди.

Агартуу министрлиги айлык акынын жогорулашы боюнча так маалыматты 2026-жылдын январынан тарта бере баштайт. Алдын ала маалыматтар боюнча окуучулардын билим деңгээли алардын электрондук күндөлүктөн алган баалары аркылуу бааланат.

"Биз чейректердин жана окуу жылынын жыйынтыгы боюнча окуучулардын окуу көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөйбүз. Бул үчүн окуучулардын электрондук күндөлүгү гана керек – ал жерден бардык керектүү маалыматтарды ала алабыз. Ошентип, ар бир баланын билим деңгээлин тез арада көзөмөлдөй алабыз", - деди Догдургүл Кендирбаева.

Бирок, билим берүү жаатындагы эксперттердин айтымында окуучунун билимин электрондук күндөлүк аркылуу баалоо системасы туура эмес кадамдарга алып барат. Анткени, бааны мугалим өзү коёт жана эмгек акыны жогору алуу үчүн бааларды көтөрмөлөп коюп салуу коркунучу жаралат. Бул жалпы билим берүү системасындагы көз боёмочулукка алып келет.

Жалпысынан алганда министрликтин бул идеясы колдоого алардык. Анткени, мугалимдердин сабаттуулугунан, дилгирлигинен, аракетинен, сабакты жеткиликтүү өтүүсүнөн окуучунун билими жогорулайт. Биздин өлкөдө болсо балдардын билим деңгээли салыштырмалуу жакшы көрсөткүчкө ээ эмес. Быйылкы ЖРТнын жыйынтыгы чыкканда республика боюнча кыргыз тилдүү мектептердин окуучуларынын көрсөткүчтөрү төмөн болгону айтылган. Тилекке каршы, “Алтын сертификат” алган 54 окуучунун 53ү тестти орус тилинде тапшырганы жогоруда айтылгандарды тастыктайт. Андан тышкары Көз карандысыз “Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору” жүргүзгөн “Окуучулардын билим жетишкендиктерин улуттук баалоо” (ОБЖУБ -НООДУ) долбоорунун акыркы сынактары кыргыз тилинде окуткан мектептерде окуган балдардын билим деңгээли төмөн экенин көрсөткөн. Долбоор боюнча эксперт Кеңешбек Сайназаров: “Балдарыбыз мектепте кандай билим алса, тест, сынактарда дал ошол алган билим деңгээлин көрсөтүп жатышат. Кыргыз тилинде окуткан мектептер балдардын элементардык билим сабатын - окуганын түшүнө алганын аныктоочу НООДУ долбоорунда да эң төмөн көрсөткүч көрсөтүшүдө. Кыргыз тилинде окуткан мектептердин балдарынын деңгээли айрым предметтер боюнча өзбек тилинде окуткан мектептердин балдарынын деңгээлинен да төмөн болду” деген.

Эске салсак, Кыргызстанда өлкөнүн ири шаарларын кошпогондо, аймактарда мектептердин дээрлик баары кыргыз тилинде билим берет. Андыктан, мугалимдердин ишинин натыйжалуулугуна карап, айлыгын көтөрүү маселеси туура, бирок анын механизмдерин жакшылап иштеп чыгуу зарылчылыгы бар.

Буга чейин мугалимдердин айлыгын масштабдуу жогорулатуу Президент Садыр Жапаровдун демилгеси менен 2022-жылдын январь айында болгон. Ошондо мугалимдердин айлыгы 50-80%га көтөрүлгөн, бул акыркы 10 жылдагы эң олуттуу жогорулоонун бири болчу.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча Кыргызстанда 93 минден ашык мугалим эмгектенсе, анын 87 миңден ашыгы мамлекеттик мектептерде иштейт. Быйыл жыл башынан бери билим берүү кызматкерлеринин орточо эмгек акысы 25 миң 764 сомду түзгөн.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

БИЛИМИ КҮЧТҮҮ МИҢДИ ЖЫГАТ

# БУУда ИШТЕГИСИ КЕЛГЕН ТИМУР МЫРЗА




***Келечек жаштарга таандык дегендей, азыркы өсүп келе жаткан жаштарыбыздын арасынан мыктылары чет өлкөлөрдө билим алып жатышат. Мындай жаштарыбыз менен сыймыктанбай коё албайсың. Мына ошондой алдына чоң максат койгон жаштарыбыздын бири – Тимур Абдыкасымов. Ал быйыл Бишкектеги жеке менчик мектепти ийгиликтүү аяктап, Франциянын борбору Париж шаарындагы саясатты изилдөө институтунун студенти болду. Кошумчалай кетсек, Тимур быйылкы жылы Канада жана АКШдагы окуу жайларына сынак тапшырып, эки окуу жайына тең ийгиликтүү өткөн. Бирок, Тимур ошолордун ичинен Париждеги институтту тандап алгандыгынын себеби, бул институтту Франциянын азыркы Президенти Эммануэль Макрон жана мурдагы Франсуа Олланд, Жак Ширак жалпысынан ушул өлкөнүн 5 президенти, 11 премьер-министри ийгиликтүү аяктаган.***



**- Тимур, өзүң жөнүндө окурмандарга тааныштырып кетсең?**

- Мен Тимур Абдыкасымов 18 жаштамын. Бишкек шаарындагы «Брайт» эл аралык жеке мектебин ийгиликтүү аяктадым. 7-8-класстан баштап ар кандай олимпиадаларга активдүү катышып келдим. Ошондой эле эл аралык “Флекс” программасына катышып жүрдүм. Ар кандай программаларды окуп олтуруп менде “Эмне үчүн мен чет өлкөдөн билим алсам болбойт” деген ой пайда болду. Ошентип өз алдымча изденип, көптөгөн программалар менен тааныштым. Мен мектепте окуп жүргөн кезимде эл аралык программаларга активдүү катышып, 4000 АКШ долларлык грант утуп алгам. Кесип тандоо мен үчүн кыйын болду. Алгач маркетолог болсом деп бул багыттагы ар кандай китептерди окуп чыктым. Жаш кезде өзгөрө берет эмессиңби. Ошентип чет тилдерди терең өздөштүрүп, чет өлкөдө билим алууга белсендим. Менин бул максатыма жетүүгө ата-энем каршы болгон жок. Бирөөлөр "бул кесип жакшы, тиги кесип жакшы" деп кеңеш беришти. Андан соң 9-10-класстарда окуп жүргөндө бизнесмен болгум келген. Бул кесипти терең изилдедим. Карасам, бул кесип да мага жакпай калды. Кийинчерээк дипломат болгум келди. Ошентип акыры бул кесипке багыт алып, дипломат болсом деп максат кылып койдум. Дипломат болуш үчүн эмнелерди билиш керек, кайсы окуу жайды окусам? - деп көп ойлондум. Чет өлкөлөрдөгү эң маанилүү деген жогорку окуу жайлар менен таанышып чыктым. Франциянын борбору Париж шаарындагы саясатты изилдөө институтунун тарыхын окуп чыксам, Франциянын он бир президентинин бешөөсү, он бир премьер-министрлери ушул институттун бүтүрүүчүлөрү экен. Анан ушул окуу жайга тапшырууну чечтим. Быйылкы жылы Париждеги аталган институтка тапшырып өттүм. Буга чейин Канадага, АКШдагы окуу жайларына өткөн болчумун. Бирок мен Францияны тандап алдым. Жакында Парижге барып окуумду улантам.




**- Өткөн жылы Азербайжандын борборунда окуучулар арасында өткөрүлгөн сынактарга биздин өлкөбүздүн атынан барып катышып келипсиң...**

- Ооба, Баку шаарында Орто Азия жана Афганистан өлкөлөрүнүн окуучулар арасында болгон олимпиадага Кыргызстандан жалгыз өзүм катыштым. Ушул олимпиада мага чоң таасир калтырды. Анткени, билимдүү болсоң көп нерсеге жетишет экенсиң. Азербайжандан алган таасирим мага чоң күч-кубат берди. Анткени, мага окшогон билимдүү жаштар менен пикир алышып, баарлаштым. Менин эмгегим Агартуу министрлиги тарабынан бааланып, мага сертификат берилди. Мен үчүн бул да жакшы ийгилик болду.

**- Тимур, келечекте Франциядагы окууңду аяктасаң ким болуп иштегиң келет?**

- Окуумду Франциядан кийин АКШда улантам, аны бүткөн соң БУУда иштегим келет. Ал үчүн көп окуш керек, эң негизгиси тил билүү башкы маанилүү маселе.

**- Үй-бүлөң, ата-энең, бир туугандарың жөнүндө айтсаң?**

- Атам 47, апам 41 жашта, үч бир тууганбыз, менден кийин эки иним бар.

**- Анда эмесе Тимур өзүңө ден соолук, окууңда ийгилик болсун. Келечекте кыргызды дүйнөгө тааныткан мыкты дипломат болуп элиңе кызмат кыла бер!**

- Рахмат.

**Орункул САТЫКУЛОВ**

УҢГУЖОЛ – УЛУТТУН ЖОЛУ

## Тарыхчы БАЙАС Турал:

# “Атадан кем уул – жол бузат, атага тең уул – жол түзөйт, атадан артык уул – жол улайт”

Руханий байлыгы терең, наркты бекем карманып келген кыргыз эли эгемендикке ээ болгон жылдардан бери уңгулуу жолунан адашып, улуттук баалуулуктарды унутуп, жандүйнө жакырланды. Мына ушундай калпыстыкты жоюп, улутубузду уңгусуна уютуу үчүн былтыр Президент Садыр Жапаров тарабынан "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасы кабыл алынган. Коомчулук тарабынан кызуу колдоого алынып келе жатат. Биз коомдук ишмер Байас Турал агабызды кепке тарттык.




**- Байас Турал ага, уңгужол жөнүндө сөз баштардан алдын, жолдун өзү боюнча айтсаңыз. Эмнеге уңгу жол дедик? Жолго байланыштыруунун өзү туурабы?**

- Жол жөн гана кыймыл же географиялык багыт эмес, ал адамдын жашоодогу орду, коомдогу салмагы, рухий багыты, таалайы, ырысы, түйшүгү, үмүтү, жалпылап айтканда тагдыры. Ар бир адам бул дүйнөгө келгенден баштап, өз жолун баштайт, ар бир эл тарыхый жолго түшөт, ар бир мурас муундан-муунга жол аркылуу өтөт. Жол – бул жашоонун өзү. Рамис акын айткандай, жол үстүндө болуу, ал тирүүлүктүн белгиси.

**- Жол тууралуу дүйнөнүн башка элдеринде эмне деп айтылат? Илимдин кайсы бир тармактарында жолго кайрылып, анын маңызын чечмелеген багыттар же агымдар барбы?**

- Жол философиясы дүйнө жүзүндөгү бардык байыркы цивилизациялардын, элдердин руханий маданияттарынын негизги түшүнүгүнө айланган. Байыркы Кытайда ал “Дао” деп аталса, Японияда “Ками-но мичи” (Синтоизм), Индиянын буддизм ишениминде “Марга”, ислам дүйнөсүндө “Тарикат”, Батышта жашаган элдердин ишенимдеринде “Way”, “Path”, “Via” сыяктуу түшүнүктөр менен берилген. Алардын баарында жол – жашоонун, тагдырдын, адептин жана агымдын жолдору катары айтылат. Кыргыз дүйнөтаанымында да жол – ыйык түшүнүк. Ал адеп-ахлак менен, ата-бабалардын салт-санаасы менен, жоокерчилик турмуш, улуттук тагдыр менен тыгыз байланышта. “Жолдон чыкпа”, “Жолуңду Теңир оңдосун”, “Жолуң ачылсын”, “Жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун”, “Ак жол” ж.б. деген баталар – бул жөн гана сөз эмес, руханий багыт, жашоонун өзөгүн түшүнүү философиясы.

Ушул жалпы философиялык негизден улам бүгүн кыргыз элинин алдына коюлуп жаткан “Уңгужол” концепциясы да жөнөкөй эле саясаттык ураан эмес. Ал улуттун өз жолу бар экенин тааныган, ошол жолду уңгулуу, тарыхый жана руханий контекстте түшүндүрүүгө болгон аракет. Бул кыргыз элинин тарыхый аң-сезимин ойготкон, руханий мурасын өз нугуна салып, келечекке жол баштаган идея. Биз бул маекте дүйнөлүк философиядагы “жол” түшүнүгүн (Даосизм, Синтоизм, Буддизм ж.б.) кыргыз түшүнүгү менен салыштырып, “Уңгужол” деген идеянын философиялык-онтологиялык негизин ачууга аракет кылсак туура болор деп ойлойм. Себеби, ар бир улут өз жолу менен гана жашай алат. Өз жолун таппаган улут дайым адашып жүрүү тагдырына туш болот. Ал эми адашкан эл эч качан өнүкпөйт.

**- Менимче, ДАО – “жаратылыштын жолу” катары белгилүү. Сиз ушул тууралуу да айта кетсеңиз.**

- Даосизм – байыркы кытай цивилизациясынын кыртышында өсүп чыгып, терең тамырлаган философиялык мектеп. Анын негиздөөчүсү Лао-Цзынын “Дао Дэ Цзин” деп аталган эмгегинде “Дао” түшүнүгү жаратылыштын, ааламдын жана табигий жашоонун мыйзамы катары берилет. Даону акыл менен толук түшүнүүгө мүмкүн эмес, ал жашоонун агымына кошулуу аркылуу туюнтулат. Даосизмдеги “жол” ал – табигый ырааттуулукка, аракетсиз аракетке (у-вэй), жаратылыш менен шайкеш жашоого үндөйт. Даого каршы күрөшпө, агым менен жаша — чыныгы акылмандык ушул чындыкты түшүнүүдө дейт кытай акылмандары. Алардын айткандарына караганда, Адам жолу – Асман жолу менен шайкеш болгондо гана Адам өмүрү бактылуу жана баалуу болот. Жогорку сөз, кыргыз элинин: “Күчкө эмес, акылга таян” деген макалы менен үндөшүп, уңгулуу философиялык жалпылыкты маалымдап турат.

**- Синтоизмдин Дао же Кыргыз жолу менен жалпылыгы жана айырмачылыктары эмнеде?**

- Синтоизм – жапондордун байыркы дүйнөтаанымы. “Ками-но мичи” – “каминин жолу” деп которулат. Ками – бул жаратылыштагы жана коомдогу рухий күчтөр. Адам ошол ками менен чынчылдыктын, тазалыктын жана салт-нарктын негизинде байланышта болот. Синтоизмдеги жол – ал тазалык (киёмэ), чынчылдык (макото), ата-бабалардын арбактарына терең урмат көрсөтүү жана жаратылыш менен болгон тыгыз байланыш аркылуу өтүүчү жол. Бул жол – жеке руханий жоопкерчилик менен коомдук адептин ортосундагы баланс. Кыргыздагы “жолдон чыкпа”, “ата жолун ула” деген нарк да ушул философия менен үндөш.

**- Эми “Кыргыз жолу” тууралуу кеп кылсак. Кыргыз, “жол” философиясын кандай кабылдаган, аны кандай баалаган?**

- Кыргыз эли үчүн “жол” түшүнүгү – жашоонун өзү. Жол – тагдыр, адеп, ата-бабанын баскан изи, улуттук салт, турмуш багыты, тарбиянын өзөгү. “Жолуңдан адашпа”, “Жол бузган журт бузган менен барабар” деген сыяктуу накыл сөздөрдө улуттун руханий мыйзамдары камтылган. Жол – кыргыз дүйнөтаанымында рухий багыт, саясий жоопкерчилик, тарыхый эстутум жана жашоонун философиясы. Илгертен келаткан жоокер элибиздин салты боюнча, “акылмандар жол баштаган, баатырлар кол баштаган”. Элибизде андан ары дагы сөз улап отуруп, “Баланын үч түрү бар, атадан кем уул, атага тең уул, атадан артык уул. Атадан кем уул – жол бузат, атага тең уул – жол түзөйт, атадан артык уул – жол улайт” деген. Демек, атанын жолун улаган уул – “артык уул”, бабалардын жолун улаган эл – улуу эл.

**- Демек, сиздин оюңузча Уңгужол - улуттук аң-сезимдин жанданышы жана рухий багыттын аныкталышы экен да?**

- “Уңгужол” түшүнүгү – улуттун өзүн өзү таанып билүүнүн, тамырын табуунун жана руханий жолун аныктоонун концепциясы. Бул түшүнүк даосизмдин, синтоисизмдин жана кыргыз элинин “түпкү жолу” менен үндөшөт. Уңгужол – тазалык, чынчылдык, ата-бабалык салт, нарк, жаратылыш менен гармонияда жашоо, ынтымак, биримдик, улуттук аң-сезим жана тархый эстутум аркылуу келечекти куруу аракети. Бул концепция философиялык деңгээлде негизделип, улуттун руханий өзөгүнө айланышы керек. Казак санжырасында: “Касым хандын каска жолу, Есим хандын эски жолу” деген айтым сөз бар. Кыска чечмелесек, Касым хан эскирген мыйзамдардын ордуна жаңы мыйзамдарды кабыл алган. Кээ бир салттарга реформа жасаган. Ал эми Эшим хан (теги кыргыз) унутулуп бараткан же колдонулбай калган эски мыйзамдарды калыбына келтирген. Мисалы, Ташкенттин желкесинде кыргыз-казак бийлерин, атактуу кол башчыларын жана кадырлуу аксакалдарын курултайга чакырып, эски салт менен өзүн ак кийизге салдырып, хан көтөрттүргөн. Мындан биз, ата-бабалардан калган салттуу укук жолунун кайра жанданышын көрөбүз.

**- Сиз бир жолу “үч айрылыш жолго” туш келген орустун улуу баатыры Илья Муромец тууралуу да бир макалаларыңызда жазгандай болдуңуз эле, анда да жол тууралуу айтылат.**

- Туура, аны унутуп кала жаздапмын. Ар бир улут, ар бир коом өзүнүн тагдыр жолунда бир нече ирет үч жолдун кесилишине келет. Бул учурда жол тандоо – жөн гана бараткан багытты аныктоо эмес, рухий, тарыхый жана моралдык чечимди кабыл алуу болуп калат. Бул идеяны биз эл аралык деңгээлде да учуратабыз. Маселен, орус эпосторунун башкы каарманы Илья Муромец бир жолу чоң жолдо келатып үч айрылыш жолго туш болот. Ал жердеги ташта мындай жазуу турат: “Оңго барсаң - атыңды жоготосуң. Солго барсаң - өзүң өлөсүң. Түз жолго түшсөң душман жолугат, аны жеңип, атак-даңкка ээ болосуң” деген. Бул жазуу жөн гана коркунуч эмес. Бул тандоо – тагдырдын сыноосу. Илья Муромец ойлонуп туруп, түз жолду тандайт, бул жол ага согушту, кан төгүүнү, чоң кыйынчылыкты, бирок ошол эле учурда даңк менен улуттук кызматты алып келет. Бул тандоо менен ал эл-журтту сактоо милдетин аркалаган улуу баатырдык тагдырды моюнга алат. Орус окумуштуусу Владимир Пропп бул эпизодду мифологиялык структуранын негизги бөлүгү катары чечмелеп, мындай деген: «Каарман реалдуу дүйнөдөн чыгып, өзүн курмандыкка чалуу аркылуу жаңы деңгээлге көтөрүлөт». Бул философия көптөгөн улуттардын эпосторунда кайталанат, анын ичинде кыргыздын "Манасында" да бар. Уңгужол – ушул үч жолдун ичинен түз жолду тандаган элдин жолу. Бул жол оңой жол эмес. Бул жол улут үчүн курмандык, согуш, оор азап, мээнет, бирок акырында өз алдынча жашоо, эркиндик жана рухий бийиктикке алып келген жол. Кыргыз элинин тарыхы да, дал ушундай түз жолду тандап келген элдин тарыхы. “Уңгу” – түп, жаралыш жана терең тамыр, ал эми “жол” – тандоо, багыт жана жүрүш. Ушул экөө биригип, адамды да, улутту да тандоого жараша тагдырга туш кылат. Уңгужол – ошол Илья Муромец баргандай кыйын жол, бирок даңктуу жол. Бул элди – улутка, журтту мекенге айланткан улуу сапар. Уңгужол – улуттун жолу, анын келечеги.

**- Маегибизди жыйынтыктап жатып сурап кетейин, сиздин айткандарыңыздан улам жол – жашоонун өзөгү, уңгужол – улуттун рухун аныктоочу фактор деп түшүнсөк болобу?**

- Ооба. Жол – дүйнөлүк философияда адамдын жашоосу, дүйнө таанымы, өнүгүү багыты катары түшүндүрүлөт. Дао, Синто жана Кыргыз жолу булар жаратылыш менен гармонияда жашоонун, руханий тазалыктын жана улуттук өзүн-өзү таануусунун үлгүсү. “Уңгужол” – жалпы дүйнөлүк философиянын кыргызча чечмелениши. Ал улуттун өзүнө кайтып, түпкү ата-бабаларынан калган жолду улоонун символу. Бул идея – идеология эмес, философиялык рефлексия. Саясий ураан эмес, тарыхый аң-сезимдин көрүнүшү жана жандануусу. Кыскасы, элге багыт берген жол – ыйык жол. Уңгужол ошол ыйык жолду таанып, аруулап, заманбап формага келтирип, келечекке улоо аракети. Ал эми ата-бабалардан бери келаткан уңгужолду улоо – ал ар бир кыргыз уулунун эл-журт жана өлкө алдында аткарчу ыйык милдети.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ИНВЕСТИЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 26-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында жагымдуу инвестициялык климатты түзүүгө, улуттук жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга дем берүүгө, инвестицияларды коргоонун бирдей жана адилеттүү укуктук принциптерин жана кепилдиктерин белгилөөгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын туруктуу экономикалык жана социалдык жактан өнүгүүсүнө көмөктөшүүгө багытталган.

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында улуттук жана чет өлкөлүк инвесторлор тарабынан түз инвестицияларды жүзөгө ашырууда келип чыгуучу укуктук мамилелерди жөнгө салат, мамлекеттин инвестициялык саясатынын принциптерин белгилейт, инвесторлордун укуктарын, ошондой эле алардын кызыкчылыктарын коргоо жана инвестициялык иштин катышуучуларынын өз ара аракеттенүү механизмдерин аныктайт.

**2-берене. Инвестициялык иштин принциптери**

Инвестициялык иштин субъекттеринин өз ара мамилелери төмөнкү принциптерге ылайык жүзөгө ашырылат:

1) укук үстөмдүгү;
2) адилеттүүлүк;
3) айкындуулук жана ачыктык;
4) инвестициялык иштин эркиндиги;
5) инвестордун ак ниеттүүлүк презумпциясы;
6) инвестицияларды коргоо кепилдиги.

**3-берене. Инвестициялар, инвестициялык иш жана турукташтыруу режими жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

1. Инвестициялар, инвестициялык иш жана турукташтыруу режими жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерден (мындан ары – эл аралык келишимдер) жана инвестицияларды жүзөгө ашыруу маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

2. Ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына же салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамдарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген учурда турукташтыруу жөнүндө макулдашууну түзгөн инвестор жана/же инвестицияланууучу ишкана көрсөтүлгөн макулдашууга кол коюлган датадан тартып 10 жылдын ичинде аларды тандоо учурунда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларында каралган кыйла жагымдуу шарттарды колдонууга укуктуу. Көрсөтүлгөн укук, башка кыйыр салыктарды кошпогондо, кошумча нарк салыгын кошуп алганда, салыктарга, ошондой эле мамлекеттик органдардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдөрдөн сырткары салыктык эмес төлөмдөргө жайылтылат. Турукташтыруу режимин колдонуунун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

3. Турукташтыруу режимин колдонуу инвестордун жана/же инвестицияланууучу ишкананын турукташтыруу жөнүндө макулдашууга кол коюлгандан кийин күчүнө кирүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген кыйла жагымдуу шарттарды пайдалануу укуктарын чектебейт.

4. Турукташтыруу режимин пайдалануу укугу төмөнкүлөргө берилет:

1) турукташтыруу жөнүндө макулдашууга кол коюлган датадан тартып 3 жылдын ичинде инвестицияланууучу ишкананын капиталына аталган макулдашууга кол коюлган күнгө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) расмий курсу боюнча аныкталуучу 200 миллион сомдон кем эмес өлчөмдө салымдарды жүргүзгөн инвесторго, ошондой эле инвестицияланууучу ишкананын өзүнө;

2) турукташтыруу жөнүндө макулдашууга кол коюлган датадан тартып 5 жыл ичинде инвестицияланууучу ишкананын капиталына аталган Макулдашууга кол коюлган күнгө карата Улуттук банктын расмий курсу боюнча аныкталуучу 1 миллиард сомдон кем эмес өлчөмдө инвестиция салынган шартта, ошондой эле инвестицияланууучу ишкананын өзү пайдалуу кендерди изилдөө, издөө, чалгындоо жана иштетүү менен байланышкан ишти жүзөгө ашырган инвесторго.

5. Инвестордун ушул беренеде белгиленген инвестицияларды инвестицияланууучу ишкананын капиталына салуу боюнча милдеттенмелерди аткарбоосу турукташтыруу жөнүндө макулдашууну бузуу жана турукташтыруу режимин колдонуунун натыйжасында үнөмдөөгө жетишилген төлөнбөгөн салыктарды жана салыктык эмес төлөмдөрдү өндүрүү үчүн негиз болуп саналат.

6. Акционерлердин же инвестордун катышуучуларынын жана/же инвестицияланууучу ишкананын курамынын өзгөрүшү турукташтыруу режиминин колдонулушун токтотпойт жана аны колдонуунун белгиленген мөөнөттөрүнө таасирин тийгизбейт.

7. Эгерде эл аралык келишимде инвестициялык укуктук мамилелерди жөнгө салуучу улуттук мыйзамдардын ченемдерине салыштырмалуу башка, кыйла жагымдуу жоболор каралса, эл аралык келишимдин жоболоруна аларды колдонуу Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына ылайык келген бөлүгүндө артыкчылык берилет.

8. Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында чет өлкөлүк инвестордун инвестициялык ишине Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынышы же чектелиши мүмкүн.

9. Финансы-кредиттик уюмдарга жана төлөм кызматтарын көрсөтүүчү уюмдарга инвестициялар Кыргыз Республикасынын банк жана төлөм мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**4-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги терминдер**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги терминдер колдонулат:

1) **инвестордун кыйыр контролунда турган активдер** – башкаруу түздөн-түз ээси болуп саналбаган, бирок бул активдерди пайдалануу менен байланышкан чечимдерге таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон үчүнчү жактар же түзүмдөр аркылуу жүзөгө ашырылуучу активдер;

2) **деривативдер (туундуу баалуу кагаздар)** – баалуу кагаздарды чыгаруу жана жүгүртүү механизми базалык активдин келишиминде белгиленген мөөнөттүн аралыгында сатып алуу же сатуу укугу менен же болбосо мындай баалуу кагаздын негизинде турган базалык активдин баасынын өзгөрүшүнө байланыштуу келип чыгуучу мүлктүк укук (милдеттенме) менен байланышкан баалуу кагаздар;

3) **инвестор** – пайда алуу максатында инвестициялык иштин объекттерине өзүнүн жана/же карызга алынган каражаттарды же болбосо башка тартылган инвестициялык ресурстарды инвестициялоону жүзөгө ашыруучу жеке же юридикалык жак;

4) **улуттук инвестор** – Ушул Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасында инвестицияларды жүзөгө ашырып жаткан жана/же буга чейин жүзөгө ашырган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чет өлкөлүк юридикалык жак деп таанылган субъектти кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жараны, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жарандыгы жок адам болуп саналган жеке жак же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган юридикалык жак;

5) **чет өлкөлүк инвестор** – Кыргыз Республикасында инвестицияларды жүзөгө ашыруучу жана/же буга чейин жүзөгө ашырган улуттук инвестор болуп саналбаган жеке же юридикалык жак;

6) **инвестициялар** – коммерциялык ишти баштоо же улантуу үчүн инвестордун менчигинде же түз же кыйыр контролунда турган активдердин кандай болбосун түрү, анын ичинде төмөнкүлөр, бирок алар менен чектелбейт:

а) үлүштөр, акциялар, өнөктөштүктөгү үлүштөр жана капиталга катышуунун башка формалары, ошондой эле облигациялар, карыздык милдеттенмелер жана компаниядагы карыздык катышуунун башка формалары;

б) интеллектуалдык менчиктин мүлктүк укуктары, анын ичинде техникалык документтер, өндүрүштүн тигил же бул түрүн уюштуруу үчүн зарыл болгон көндүмдөр жана өндүрүштүк тажрыйба түрүндө тариздeлген патенттелген же патенттелбеген (ноу-хау) техникалык, технологиялык, коммерциялык жана башка билимдер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка баалуулуктар;

в) акча каражаттары, кыймылдуу же кыймылсыз мүлк;

г) наркы акча түрүндө бааланууучу мүлктүк укуктар (күрөө, ипотека жана башкалар);

д) наркы акча түрүндө бааланууучу мүлктүк эмес укуктар;

е) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык берилген укуктар (лицензиялар, уруксаттар ж.б.);

ж) жүгүртүүгө чыгарууга жол берилбеген (жүгүртүүдөн алып салынган объекттерди) жарандык укуктардын объекттеринин түрлөрүн кошпогондо, наркы бааланууучу (акча түрүндө) жарандык укуктардын башка объекттери;

з) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган инвестициялоонун башка формалары.

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу келишимдеринен келип чыгуучу акчалай талаптар, ошондой эле бул келишимдерди каржылоо инвестициялар болуп саналбайт;

7) **инвестициялык иш** – инвестицияларды жүзөгө ашыруу менен байланышкан практикалык иш-аракеттердин жыйындысы;

8) **инвестициялык долбоор** – белгилүү бир объектке инвестициялардын экономикалык максатка ылайыктуулугун, көлөмүн жана мөөнөттөрүн негиздөөчү документтердин комплекси, ошондой эле эксплуатацияга тапшыруу мөөнөттөрүн көрсөтүү менен белгиленген натыйжага жеткенге чейин инвестицияларды ишке ашыруу боюнча практикалык иш-чаралар же болбосо мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашуунун негизинде ишке ашырылуучу мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлору;

9) **инвестициялык лоттор** – инвестициялык сунушту, долбоордун инфратүзүмүн, активдерди, чийки заттык базаны жана сатуу рынокторун талдоону, уруксат берүүчү документтерди жана преференцияларды берүүнү өзүнө камтыган, демилгеленген долбоорлордун өзгөчөлүгүн эске алуу менен инвесторго берилүүчү чечимдердин комплекси;

10) **инвестициялык сунуш** – инвестициялык долбоордун мазмунунун кыскача сыпаттамасын жана аны ишке ашыруу планын камтыган документтердин комплекси;

11) **инвестициялык макулдашуу** – Кыргыз Республикасындагы инвестициялар менен байланышкан тараптардын укуктарын, милдеттенмелерин жана жоопкерчилигин аныктоочу инвестор менен мамлекеттик органдын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ортосунда түзүлгөн жазуу жүзүндөгү келишим;

12) **түз сүйлөшүүлөр жолу менен инвестициялык макулдашуу** – инвестициялык долбоор экономиканын артыкчылыктуу тармактарындагы жана социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик өнүктүрүү программаларына ылайык келген шартта конкурстук жол-жоболорду өткөрбөстөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – Министрлер Кабинети) менен инвестордун ортосунда түзүлүүчү макулдашуу;

13) **компетенттүү орган** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгилүү бир чөйрөдө милдеттерди жөнгө салуу, контролдоо, координациялоо же ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органы же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы;

14) **опцион** – тараптардын бири контрактта көрсөтүлгөн бүткүл мөөнөттүн ичинде колдонуучу белгиленген баа боюнча аныкталган базалык активди сатып алуу (колл) же сатуу (пут) укугуна ээ болуучу, ал эми экинчи тарап ошол укукту жүзөгө ашырууну камсыз кылууга милдеттенүүчү контракт;

15) **түз инвестициялар** – инвестордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган компаниядагы добуш берүүчү акциялардын/үлүштөрдүн 10 жана андан ашык пайызына ээлик кылуусу же инвестициялоонун башка формаларында ушул катышууга эквиваленттүү болушу;

16) **инвесторлордун даттанууларынын реестри** – мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) инвесторлордун даттануулары катталуучу жана тутумдаштырылуучу маалыматтар базасы;

17) **турукташтыруу режими** – салыктык жана салыктык эмес төлөмдөр маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилген учурда инвестор жана/же инвестицияланууучу ишкана үчүн жагымдуу укуктук режим;

18) **эркин конвертацияланууучу валюта** – Эл аралык валюта фондунун 1994-жылдын 22-июлундагы Макулдашуусунун беренелерине жана ага карата киргизилген түзөтүүлөргө ылайык аныкталган валюта;

19) **өзгөчө инвестициялык режими бар аймактар** – инвестицияларга дем берүү үчүн атайын салыктык, бажылык жана административдик преференциялар жана жеңилдиктер колдонулуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген зоналар;

20) **фьючерс** – контрактта белгиленген күнү базалык активди белгиленген баа боюнча сатып алууга же сатууга контракт;

21) **экспроприация** – инвестордун мүлкүн мажбурлап алып коюу же аны инвестициялардын натыйжаларын пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу.

22) **инвесторлорду аккредитациялоо** – инвестициялык ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон чет өлкөлүк инвестордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келүүсүн алдын ала текшерүүнүн жана тастыктоонун жол-жобосу;

23) **аккредиттелген инвесторлордун реестри** – чет өлкөлүк инвесторлор жана алардын инвестициялык долбоорлору жөнүндө маалыматтар киргизилген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий реестри.

**5-берене. Инвесторлорго коюлган талаптар**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында инвестициялык макулдашууну тариздөө жана инвестициялык ишке катышуу үчүн инвестор төмөнкү документтерди жана маалыматтарды берүүгө тийиш:

1) тиешелүү финансылык милдеттенмелери бар инвестициялык макулдашуунун катышуучусу болуу ниети жөнүндө кайрылуу;

2) юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн жана уюмдаштыруу документтеринин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

3) юридикалык жактын катталган жери боюнча салык органдарынан ар кандай деңгээлдеги бюджеттерге салыктарды, жыйымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча карызынын жоктугу жөнүндө маалымкат;

4) юридикалык жактын эсептерин тейлөөчү коммерциялык банктардын акыркы 6 айдын ичинде эсептешүү эсеби боюнча жүгүртүүлөр жөнүндө маалымкат;

5) учурдагы бардык карыздары жөнүндө маалымат (макулдашуулардын, келишимдердин көчүрмөлөрү жана бардык коштоочу документтер);

6) инвестордун оң абройго ээ экендиги, өз-өзүнчө же жалпысынан инвестордун чарбалык иши, активдери, финансылык же башка абалы үчүн кандайдыр бир олуттуу жагымсыз кесепеттерге же ушул инвестициялык макулдашуу боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткаруу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашына алып келиши мүмкүн болгон ага каршы эч кандай доо коюлбагандыгы, эч кандай сот иштери козголбогондугу, эч кандай териштирүүлөр же тергөө жүргүзүлбөгөндүгү жана кандай болбосун сот, арбитраж же мамлекеттик орган тарабынан ага каршы мындай аракеттерди жасоо коркунучунун жоктугу жөнүндө маалымат.

2. Туруктуу инвестициялоо боюнча инвестордун милдеттенмелери:

1) инвесторлор өзүнүн инвестициялык ишин бардык тиешелүү мыйзамдарга, ченемдик актыларга, эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырууга тийиш;

2) инвестициялык ишти жүзөгө ашырууда инвесторлор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ишкер этиканын, адам укуктарынын жана эмгек ченемдеринин жогорку стандарттарын сактоого милдеттүү;

3) инвестициялык ишти жүзөгө ашырууда инвесторлор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган айлана-чөйрөнү коргоо принциптерин жана ченемдерин сактоого милдеттүү;

4) инвесторлор мамлекеттик башкаруу тутумунда коррупциянын алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясын, ошондой эле колдонуудагы башка эл аралык укуктук актыларды эске алуу менен инвесторлор коррупциялык укук бузууларды жасоо же жактыруу максатында мамлекеттик органдардын жана мекемелердин кызмат адамдарына же кызматкерлерине көмөк көрсөтүүдөн, сыйлоодон, шыкактоодон, жардам көрсөтүүдөн же алар менен тил табышуудан карманууга милдеттүү;

5) инвестициялык ишти жүзөгө ашырууда инвесторлор мүмкүнчүлүгүнө жараша социалдык жоопкерчиликтин жогорку деңгээлин көрсөтүүгө жана Кыргыз Республикасын жана жергиликтүү жамааттарды туруктуу өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө умтулууга тийиш;

6) инвесторлор инвестициялык ишти колдонуудагы салык мыйзамдарына, ошондой эле колдонуудагы эл аралык ченемдерге жана принциптерге толук ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

**6-берене. Өзгөчө инвестициялык режими бар аймактарда инвестицияларды коргоо боюнча финансылык милдеттенмелер**

1. Кыргыз Республикасы өзгөчө инвестициялык режимдеги аймактарда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын атынан инвестицияларды коргоо боюнча финансылык милдеттенмелерди берет. Министрлер Кабинети өзгөчө инвестициялык режимдеги аймактар үчүн экономиканын жана социалдык чөйрөнүн артыкчылыктуу тармактары үчүн финансылык милдеттенмелердин тизмегин бекитет.

2. Мамлекеттик өнүктүрүү программаларына (долбоорлоруна) ылайык өзгөчө инвестициялык режимдеги аймактарда экономиканын жана социалдык чөйрөнүн артыкчылыктуу тармактарын инвестицияларды жүзөгө ашыруучу инвесторлор үчүн мыйзамдардагы карама-каршылыктардан улам ке-

*(Уландысы 5-бетте)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ИНВЕСТИЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 4-бетте)*

лип чыккан талаш-тартыштарды кароо учурунда мамлекеттик органдардын укукка каршы аракеттеринин (аракетсиздигинин) натыйжасында зыян келтирилген учурда инвестициялык макулдашууларда бекитилген инвестициялык долбоорлор боюнча кепилдиктердин алкагында мамлекеттин белгилүү бир финансылык милдеттенмелери каралышы мүмкүн.

### 2-глава. Инвестициялык иштин уюштуруу негиздери

**7-берене. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган**

1. Мамлекеттик инвестициялык саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (мындан ары – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) ишинин максаттары төмөнкүдөй жол менен Кыргыз Республикасынын оң инвестициялык беделин калыптандыруу жана Кыргыз Республикасында жагымдуу инвестициялык климатты түзүү саналат:

1) Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестицияларды тартуу жана илгерилетүү, товарларды тышкы рыноктorго илгерилетүү;
2) мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин өнүктүрүү;
3) инвесторлорго көмөктөшүү, коргоо жана колдоо көрсөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык экономикалык ишти жүзөгө ашыруунун өзгөчө (атайын) режиминдеги эркин жана башка экономикалык зоналарды өнүктүрүү.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) инвестициялык климатты, инвесторлордун абалын жана инвестициялык ишти жүргүзүү шарттарын жакшыртууга багытталган демилгелерди, анын ичинде мыйзам чыгаруу демилгелерин киргизүү;
2) Кыргыз Республикасында жагымдуу инвестициялык климатты түзүү боюнча чараларды иштеп чыгуу;
3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасында жагымдуу инвестициялык климатты түзүү, инвестицияларды тартуу, инвестициялык ишти жүзөгө ашыруу, аларды кызыктырган маселелер боюнча методологиялык колдоо көрсөтүү менен байланышкан иштерин координациялоо;
4) инвесторлорго көмөктөшүү, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, инвесторлордун даттанууларын кароо, мамлекеттик органдар жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен инвестициялык ишти жүзөгө ашырууда келип чыгуучу инвестициялык талаштарды жөнгө салууда аларга көмөктөшүү;
5) мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан инвесторлордун даттанууларын кароонун натыйжаларын талдоо, инвесторлордун даттанууларын чечүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
6) Кыргыз Республикасынын Президентине жана Министрлер Кабинетинин Төрагасына инвестицияларды тартуу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу, инвесторлор менен өз ара аракеттенүү боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине, инвестицияларды жүзөгө ашырууну кыйындатуучу жана/же тоскоолдук кылуучу себептерди четтетүү боюнча сунуштамаларды камтыган талдоо жүргүзүүнү даярдоо жана берүү;
7) инвестициялык сунуштарды жана инвестициялык долбоорлорду илгерилетүү, инвестициялык сунуштардын жана долбоорлордун реестрлерин жүргүзүү;
8) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен инвестициялык долбоорлордун ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү;
9) инвестициялык макулдашууларда аныкталган инвесторлордун милдеттенмелеринин аткарылышын эсепке алууну жана контролдоону жүргүзүү;
10) инвестициялык иш боюнча статистикалык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрүнүн формаларын макулдашуу;
11) маалымат берүүнү стандартташтыруу жана инвесторлор менен өз ара аракеттенүүнү жөнөкөйлөтүү үчүн инвестордун анкетасынын типтүү формасын бекитүү;
12) чет өлкөлөрдө Кыргыз Республикасынын инвестициялык кызыкчылыктарын көрсөтүү;
13) Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан ага жүктөлгөн башка милдеттерди аткаруу.

3. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары жана ишин уюштуруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен аныкталат.

**8-берене. Координациялоо жана кызматташуу**

1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик инвестициялык саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жүзөгө ашырат, ошондой эле инвестициялык маселелер боюнча инвесторлордун жана мамлекеттик органдардын ишин координациялайт.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары инвестицияларды тартууда эң жакшы натыйжаларга жетишүү үчүн инвестицияларды тартуу чөйрөсүндөгү ишти координациялоо жана натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен кызматташууга милдеттүү.

**9-берене. Отчеттуулук**

1. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары инвестицияларды тартуу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу маселелери боюнча инвесторлор менен жолугушуу өткөргөндөн кийин 10 календардык күндөн кечиктирбестен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жолугушуунун жыйынтыктары жана жетишилген макулдашуулар жөнүндө маалымат берет.

2. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары календардык жыл аяктагандан кийин 30 календардык күндөн кечиктирбестен инвестицияларды тартуу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

3. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган отчеттук жыл аяктагандан кийин 60 календардык күндөн кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентине жана Министрлер Кабинетинин Төрагасына инвестициялык климаттын талдоосун жана Кыргыз Республикасында инвестициялык долбоорлордун ишке ашырылышы жөнүндө маалыматты, буга кошуп учурдагы көйгөйлөрдү сыпаттоо жана аларды чечүү боюнча сунуштарды берет.

4. Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген форма боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын маалыматы берилет.

### 3-глава. Инвесторлордун укуктары жана инвесторлордун милдеттери. Инвестицияларды коргоо кепилдиктери

**10-берене. Инвестициялар жана жеке бизнести башкаруу эркиндиги**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган иштердин түрлөрүн кошпогондо, инвестициялар Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында иштин бардык түрлөрүндө жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

2. Ар бир инвестор өз компаниясын түзүү, башкаруу жана ишин токтотуу маселелеринде укуктарга жана эркиндиктерге ээ. Бул эркиндик анын ичинде Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана эмгек маселелерин жөнгө салуучу эл аралык келишимдерге ылайык кызматкерлерди жалдоо жана бошотуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын атынан чарбалык ишке, инвесторлордун укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына кийлигишүүдөн карманат.

4. Инвесторлордун бузулган укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, эл аралык келишимдерге жана инвестициялык макулдашууларга ылайык калыбына келтирилүүгө тийиш.

5. Инвесторлордун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган адам Кыргыз Республикасынын жарандык, административдик жана кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

6. Улуттук инвестор Кыргыз Республикасынын жарандык жана бюджеттик мыйзамдарына ылайык зайымдык каражаттарды тартуу боюнча Министрлер Кабинетинин финансылык милдеттенмелерин алууга укуктуу.

7. Чет өлкөлүк инвестор Министрлер Кабинети менен түзүлгөн инвестициялык макулдашуулардын алкагында Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актыларында белгиленген шарттарга жана тартипке ылайык Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн зайымдык каражаттарды тартуу боюнча Министрлер Кабинетинин финансылык милдеттенмелерин алууга укуктуу.

**11-берене. Улуттук режим**

Ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына, ошондой эле эл аралык келишимдерден келип чыгуучу милдеттенмелерге ылайык инвестицияларды түзүүгө, кеңейтүүгө жана башкарууга карата окшош жагдайларда чет өлкөлүк инвесторлор улуттук инвесторлордон кем эмес жагымдуу режимди пайдаланышат.

**12-берене. Инвестордун милдеттери**

1. Инвестор инвестициялык ишти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык так жүзөгө ашырууга милдеттүү, анын ичинде:

1) айлана-чөйрөнү коргоонун жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун талаптарын сактоо, анын ичинде мыйзамдарда белгиленген учурларда инвестициялык долбоорлорго милдеттүү экологиялык экспертизаларды жүргүзүү жана айлана-чөйрөгө терс таасирди минималдаштыруу үчүн эң мыкты жеткиликтүү технологияларды колдонуу жолу менен сактоо;
2) Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарын сактоо жана кара ниет атаандаштыкка, ошондой эле башка адамдардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү атаандаштыкты болтурбоого, четтетүүгө же чектөөгө багытталган аракеттерге (аракетсиздиктерге) жол бербөө;
3) эмгектин коопсуз шарттарын түзүүнү жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын ичинен квалификациялуу кызматкерлерди даярдоону кошуп алганда, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын сактоо;
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди аткаруу.

2. Мамлекеттик органдар жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түзүлгөн инвестициялык макулдашуулар боюнча инвестор төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ушундай инвестициялык макулдашууда каралган келишимдик милдеттенмелерди аткарууга;
2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттө инвестициялык долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө, ошондой эле инвестициялык макулдашуунун шарттарынын аткарылышы жөнүндө маалыматты ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүүгө.

3. Инвестор өз милдеттенмелерин же мыйзамдардын талаптарын сактабаган учурда ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана/же инвестициялык макулдашуунун шарттарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**13-берене. Каражаттарды которуу**

1. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, инвесторлор өздөрүнүн финансы каражаттарын Кыргыз Республикасына жана андан эркин конвертациялануучу валютада, анын ичинде, бирок төмөнкүлөр менен чектелбестен эркин жана кечиктирбестен которууга укуктуу:

1) капиталга төгүмдөр;
2) инвестициялык иштин жыйынтыгында алынган пайда, дивиденддер, капиталдын өсүшү;
3) инвестициялардын бардык же кандай болбосун бөлүгүн сатуудан же жоюудан түшүүлөр;
4) пайыздар, роялти жана башкаруу акысы;
- Жакшы болот. Кайсыл гана тармак болбосун инвестициясыз өнүгүүсү кыйын. Акыркы жылдарда Президентибиз, Министрлер Кабинети, облустук жана райондук бийлик элет жерине өзгөчө көңүл буруп, ар тараптуу өнүгүүгө жакындан жардам беришүүдө. Жогорку бийликтин элге жакын болушу көптөгөн көйгөйлүү маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүп жатат. Өткөн жылы айыл аймагына тартылган инвестициянын көлөмү 559,4 млн сомго жетти. Бир нече социалдык объектилер курулуп, ишке берилди. Туура айтасыз, эл аралык деңгээлдеги каржылык уюмдар менен кызматташуу өз жемишин берип жатат. Атап өтсөм, Ичке-Жергез айылында жаңы салынган эмкана калкка эшигин ачты. Аталган эмкананын курулушуна АРИС колдоо көрсөтүп, Бүткүл Дүйнөлүк Банк тарабынан каржыланган. Курулушка жалпы 601 005 сом жумшалган, анын ичинен АРИСтин салымы 3 249 642 сом, Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн бюджетинен 2 761 363 сом бөлүнүп, сегиз айдын ичинде толук бүттү. Ушул айылдагы 100 орундуу бала бакчанын курулушу Сауд өнүктүрүү фондусу тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 58 млн сомду (700 миң АКШ доллары) түздү. Учурда бул мекеме балдардын кулкүсү жаңырган куттуу жайга айланып, бөбөктөрдү тарбиялоого салымын кошуп жатат. Анан дагы “Ананьево-ГЭС” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан сметалык баасы 4,7 млн АКШ долларды түзгөн (410 млн сом) Боз-Учук суусуна кичи ГЭС куруп баштады. Анда 30 жумушчу орун түзүлдү. “Ананьево” кичи ГЭСи ишке кирсе Ак-Суу районунун тургундарынын электр энергиясына болгон муктаждыгын 28%га чейин камсыздайт. Мындан башка туризм тармагында да ири долбоорлор жүзөгө ашырылууда.



**- Сөзүңүзгө аралжы, аймактагы билим берүү тармагына шарт түзүү жагдайын баса белгилеп өтсөңүз...**

- Оболу, ата-энелерибизди кубандырган саамалыктарга токтолуп өтөйүн. Өткөн жылы Хан-Теңири айыл аймагынын Ак-Булак айылында 75 орундуу жаңы бала бакча ишке берилди. Ново-Вознесеновка айылындагы “Жаннат-плюс” бала бакчасынын жылуулук системасы 2,7 млн сомго толук алмаштырылып жасалды. Ал эми Ак-Чий айылындагы А.Ракымов орто мектебинин тышын жылуулоо иштери колго алынып, бул иш-чарага айыл өкмөттөн 1 500 000 сом, Ысык-Көл өнүктүрүү фондунан 2 200 000 сом, түрткү берүүчү гранттын эсебинен 2 054 480 сом бөлүндү. Советское айылында жалпы наркы 66 272 989 сомдук жаңы мектеп курулуп жатат. Боз-Учук айылында Дүйнөлүк банктын каржылоосу астында, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин “Кыргызстанда жаратылыш кырсыктарынын тобокелдиктерине туруктуулукту жогорулатуу” (ERIK) долбоорунун алкагында 225 окуучуга ылайыкташкан жаңы мектептин имаратынын курулуш иштери башталып, иш кызуу жүрүп жатат. Токтогул айылында жаңы заманбап 225 орундуу мектеп курулууда. Ак-Булуң айылынын Ы.Туманов орто мектебинин спорт залы оңдолуп, ага 2,3 млн сом сарпталды. Ошондой эле Жыргалаң айылындагы маданият үйү капиталдык оңдоодон өтүп, ишке берилди. Оңдоо иштеринин жалпы наркы 6 612 012 сом болсо, анын ичинен айыл өкмөттүн салымы - 2 000 000 сом, Ысык-Көл өнүктүрүү фонду - 2 165 526 сом, түрткү берүүчү гранттын эсебинен 2 446 486 сомдук колдоо көрсөтүлдү. 3 512 093 сомдук акча каражатына ушул эле айылдагы бала бакчасын сырты оңдолуп, айланасы курчалды. Билим берүүгө шарт түзүү – биздин көңүлүбүздүн борборунда турат. Ошондуктан, бул маселени биринчилерден болуп чечүүгө аракет кылабыз.



**- Аймактын инфратүзүмдөрүн жакшыртуу, жол, көчөлөрдү жарыктандыруу маселелери кандай жолго коюлган?**

- Чынын айтканда, кийинки жылдарда айыл жеринин инфратүзүмдөрүн жакшыртуу кыйла оңолуп калды. Элибиз дагы буга өзгөчө көңүл буруп жатат. Өткөн жылы 7056,0 миң сомго Ичке-Жергез айылындагы Ж.Кыдырганов көчөсүнүн 720 метри, 6791,2 миң сомго Ак-Булак айылындагы 650 метр жолдун аралыгы асфальтталды. Ишти жүзөгө ашырууга түрткү берүүчү гранттын эсебинен, Ак-Суу райондук өнүктүрүү фондусунан, жергиликтүү бюджеттен колдоо болду. Советское айылынын жолу капиталдык оңдоодон өтүп, 2 млн 702 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилди. Ак-Булуң айылынын борбордук көчөсүнө лотоктор орнотулду. Токтогул айылындагы кичи спорттук аянтчанын курулушу аяктап, ишке берилди. Кичи спорттук аянтчанын курулушуна жалпы 2,1 млн сом сарпталган, анын ичинен райондук фонддун эсебинен 1,2 млн сом, жергиликтүү бюджеттен 917,0 миң сом каралган.

**- Калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу учурдун талабына жооп береби?**



# КТҮРҮҮГӨ ҮҮДӨ”











- Калкты таза суу менен камсыз кылуу максатында айыл аймагында масштабдуу иштер башталган. Курулуш мамлекеттик бюджет тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 67,8 млн сомду түзөт. Азыркы учурда 29 млн сом каржыланды. Кошумча долбоор киргизип, ишке берүү жана долбоорду аягына чыгаруу боюнча кызуу иштер жүрүп жатат.

**- Аймакта социалдык жактан колдоого муктаж болгон жарандарга кандай жардамдар берилет?**

- Айыл өкмөтүнүн администрациясы жыл сайын жардамга муктаж жарандардын тизмесин тактап, тиешелүү мамлекеттик мекемелерге жөнөтөт. Андан башка даталуу күндөрдө өзүбүздүн демилгебиз менен айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен атайын иш-чараларды өткөрүп, акчалай жана материалдык колдоолорду көрсөтүп келебиз. Мисалы, Хан-Теңири айыл аймагында «Энелер» күнүнө карата айыл аймак боюнча 70 жашка чейинки 107 «Баатыр эне» Боз-Учук айылынын жайлоосуна чакырылып, иш-чара уюштурулду. Социалдык контракттын негизинде балдарына жөлөк пул алып жаткан айыл аймак боюнча 17 аз камсыз үй-бүлөнүн долбоорлору ишке ашып, 100 миң сомдон алышты. Аймактагы 70 жаштан жогору кары адамдарга айыл өкмөттүн бюджетинен акча бөлүнүп, 420 адамга 235 500 сом өлчөмүндө белектер берилди. Бул иш-чара биздин күн тартибибизде турган негизги маселе десем болот. Анан Хан-Теңири айыл аймагы туризмге ылайыктуу болгондуктан туризмди өнүктүрүп, ишкерлерди колдоого даярбыз.

**- Быйылкы жылы мерчемделген иш-пландар канчалык деңгээлде ишке ашырылууда?**

- Быйыл Боз-Учук айылынын Муканов көчөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү, асфальт басуу, Ак-Чий айылынын борбордук Жеңиш көчөсүнө жана Боз-Учук айылынын борбордук көчөсүнө жарыктандыруу жана жөө адамдар үчүн тротуар салуу, Ново-Вознесеновка айылынын Адамов көчөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү, ошондой эле унаа токтоочу жайын куруу, Токтогул айылынын Шепен-Ата көчөсүн, Ак-Чий айылынын Механизатор көчөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү, асфальт басуу, Ичке-Жергез айылынын Кыдырганов көчөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү, асфальт басуу каралган. Тиешелүү акча каражаты бөлүнүп, иштер өз нугунда жүрүп жатат. Андан башка Жыргалаң айылындагы жалпы наркы 5 500 000 сомдук Т.Асанбаев атындагы жалпы орто мектебинин чатырын толук алмаштыруу, Качыбек айылындагы мектептин спорт залынын сыртын жылуулоо, оңдоо иштери колго алынууда. Ошондой эле Ак-Булак, Ичке-Жерге айылдарына жаңы мектептерди курууну планга киргизгенбиз. Ичке-Жергез айылындагы паркка айыл тургундарына эс алуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп, оңдоо боюнча иштер жүрүүдө. Элибиздин саламаттыгын коргоо максатында Ново-Вознесеновка айылына заманбап медициналык клиниканы ишке киргизүү, Качыбек айылына заманбап жаңы ФАП салуу, Ак-Чий айылындагы ФАПтын тышын оңдоо жана жылуулоо иштери жүрүп калды.

**- Сагындык Калыбекович, жакында эле Президент Садыр Жапаров Жыргалаң капчыгайында «Ала-Тоо Резорт» тоо-лыжа кластеринин курулушунун башталышына арналган салтанаттуу иш-чарага катышып, мезгил кутусун салып, ири долбоорду баштап берди. Аталган долбоордун айрым бир бөлүгү сиздердин аймакта жайгашыптыр. Ушул долбоор тууралуу кыскача маалымат бере аласызбы?**

- Маалым болгондой, “Ала-Тоо Резорт” долбоору – Борбордук Азиядагы эң ири лыжа кластерин түзүү боюнча мамлекеттик амбициялуу долбоор. Ал үч негизги зонаны камтыйт - Ысык-Көл районундагы Жыргалаң, Ак-Булак жана Боз-Учук. Лыжа трассаларынын жалпы узундугу болжол менен 250 чакырымды түзүп, курорт жылына 2 миллионго чейин туристти кабыл алып, 4,6 миңден ашык жумушчу орундарын түзөт экен. Бул долбоор биздин элибиздин эле эмес, жалпы өлкөбүздүн жыргалчылыгы үчүн кызмат кыла турган эс алуу жайы болоруна ишенем.





**Наргиза КАЗАКБАЕВА**

## КЕСИПТИК ОРТО ЖАНА ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА ГРАНТТЫК ЖАНА БЮДЖЕТТИК НЕГИЗДЕ ОКУГАН ЖАШ АДИСТЕРДИ БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик жана муниципалдык секторлордо жаш адистерди кесиптик ишке тартуу максатында, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 39-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кесиптик орто жана жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарында гранттык жана бюджеттик негизде окуган жаш адистерди бөлүштүрүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 8-июлундагы №296 «Кыргыз Республикасынын жогорку жана атайын орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн бөлүштүрүү жана пайдалануу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 4-сентябрындагы №519 «Кыргыз Республикасынын жогорку жана атайын орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн бөлүштүрүү жана пайдалануу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 8-июлундагы №296 токтомуна толуктоо киргизүү жөнүндө» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №52 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө» токтомунун 1-пункту.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-августу, №491***

## 2025-ЖЫЛДЫН 20-ФЕВРАЛЫНДА ЭЛЬ-КУВЕЙТ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КУВЕЙТ МАМЛЕКЕТИНИН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫЗМАТТАШУУ БОЮНЧА БИРГЕЛЕШКЕН КОМИССИЯ ТҮЗҮҮ ТУУРАЛУУ ӨЗ АРА ТҮШҮНҮШҮҮ ЖӨНҮНДӨ МЕМОРАНДУМДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, “Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 20-февралында Эль-Кувейт шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Кувейт Мамлекетинин Өкмөтүнүн ортосундагы Кызматташуу боюнча биргелешкен комиссия түзүү тууралуу өз ара түшүнүшүү жөнүндө тиркелген меморандум бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Меморандумду ишке ашырууга жооптуу ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Меморандумдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы тууралуу кувейт тарапка кабарласын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-августу, №493***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 14-ДЕКАБРЫНДАГЫ №678 “ИШТИН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН ЛИЦЕНЗИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мыйзамдарды системалаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жободо:

– 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 12-пунктча менен толукталсын:

“12) ушул Жобонун 24 жана 25-главаларында каралган лицензияларга карата лицензияда/тиркемеде көрсөтүлгөн иш жүзүндөгү даректе шайкеш келбеген дарек боюнча (географиялык аталышы өзгөргөн учурлардан тышкары) иш жүргүзүү фактысы белгиленген.”;

– 69-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пунктча менен толукталсын:

“$3^1$) ушул Жобонун 24, 25-главаларында каралган лицензияларга карата лицензиялануучу иш жүзөгө ашырылуучу жердин географиялык аталышын (дарегин) өзгөртүүдө;”;

– 24-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**“24-глава. Жеке медициналык мекемелер жана жеке ишкерлер тарабынан жүзөгө ашырылуучу медициналык ишти (жеке медициналык мекемелерде же жеке ишкерлерде жалдоо же эмгек келишими боюнча иштеген медициналык кызматкерлердин ишинен тышкары) лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү**

157. Жеке менчик формасында негизделген саламаттык сактоо уюмдары жана жеке ишкерлер тарабынан жүзөгө ашырылуучу медициналык ишке лицензия (жеке менчик формасында негизделген саламаттык сактоо уюмдарында же болбосо жеке ишкерлерде жалдоо же эмгек келишими боюнча иштеген медициналык кызматкерлердин ишинен тышкары) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет.

158. Ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык иштин түрлөрү лицензиялануута тийиш.

159. Жеке медициналык ишке берилген лицензия убактылуу, ээликтен ажыратылгыс болуп саналат, анын колдонулушу лицензиялануучу иш жүзөгө ашырылуучу аймагы (дареги) менен чектелет.

160. Медициналык ишти жүргүзүүгө лицензия беш жылдык мөөнөткө берилет. Лицензия изденүүчүнүн арызы боюнча лицензия 5 жылга жетпеген мөөнөткө берилиши мүмкүн.

161. Жеке медициналык ишке лицензия алуу үчүн арыз ээси кошумча түрдө төмөнкү документтерди берет:

1) арызда көрсөтүлгөн медициналык иштин түрүн жүзөгө ашыруу үчүн турак эмес кыймылсыз мүлккө жеке менчик укугун же ээлик кылуунун, пайдалануунун башка мыйзамдуу негиздерин ырастоочу, укук күбөлөндүрүүчү жана укук белгилөөчү документтердин көчүрмөлөрү (кыймылсыз мүлктүн техникалык паспорту, сатып алуу-сатуу келишими, ижара келишими жана башкалар);

2) пациенттер жана медициналык кызматкерлер үчүн медициналык аппаратуранын жана жабдуулардын коопсуздук ченемдерине шайкештигин ырастоочу документтин көчүрмөсү (метрологиялык корутунду, текшерүү актылары, режимдик комиссиянын актысы);

3) арызда көрсөтүлгөн иштин түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн колдонулуучу турак эмес кыймылсыз мүлктүн (жайлардын/кабинеттердин) санитардык-эпидемиологиялык ченемдерге, эрежелерге жана гигиеналык талаптарга ылайыктуулугун ырастоочу документ (санитардык-эпидемиологиялык текшерүү актысы);

4) медициналык калдыктарды утилдештирүү келишими (зарылдыгына жараша);

5) медициналык иштин түрлөрүн сапаттуу жана коопсуз жүзөгө ашырууну камсыз кылган квалификациялуу адистердин бар экендигин ырастоочу документтер (медициналык билими жөнүндө диплом, интернатураны/ординатураны аяктагандыгы жөнүндө сертификаттар, берилген адистик боюнча жарактуу квалификациялык же аттестациялык сертификат, эмгек китепчеси).

162. Жеке медициналык иштин лицензиялануучу түрлөрүн жүзөгө ашыруудагы лицензиялык талаптар жана шарттар:

1) төмөнкүлөрдүн болуусу зарыл:

– лицензия изденүүчүнүн жеке менчик укугунда же башка мыйзамдуу негизде таандык болгон, лицензиялануучу иштин түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон, санитардык-эпидемиологиялык жана өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык жайлардын;

– ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык минималдуу талаптар боюнча лицензиялануучу иштин түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон, лицензия изденүүчүнүн жеке менчик укугунда же башка мыйзамдуу негизде таандык болгон, метрологиялык ченемдерге жана техникалык коопсуздук ченемдерине ылайык келген медициналык жабдуулардын, аппаратуралардын;

2) медициналык иши төмөнкү шарттар милдеттүү түрдө сакталган учурда саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык так жүзөгө ашыруу:

– колдонуудагы клиникалык протоколдорго, саламаттык сактоо жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларга жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын актыларына ылайык сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү;

– саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген үлгүлөр жана формалар боюнча баштапкы медициналык документтерди жүргүзүү;

– саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген форма боюнча эсепке алуу-отчеттук медициналык документтерди жүргүзүү;

– саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органга отчеттук мезгилден кийинки айдын 10унан кечиктирбестен жыл сайын статистикалык отчеттуулуктун формасына ылайык иштин ар бир түрү боюнча өзүнчө отчет берүү;

– адистерди алмаштырууда – лицензиарга 30 календардык күндүн ичинде маалымат берүү;

– жумушка кабыл алынган медициналык кызматкерлерге бир эле учурда экиден ашык эмес медициналык мекемелерде иштөөгө уруксат берилет;

– медициналык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана аттестациядан өтүү.

163. Лицензиат жеке медициналык иштин лицензиялануучу түрлөрүн жүзөгө ашырууда ушул Жобонун 161-пунктунда каралган талаптардан жана шарттардан тышкары төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) медициналык жардам көрсөтүүдө оорукана ичиндеги инфекциялардын алдын алуу боюнча чараларды күчөтүү максатында калкка медициналык жардам көрсөтүү менен байланышкан оорукана ичиндеги инфекциялардын алдын алууга багытталган колдонулуучу медициналык процедуралардын, медициналык багыттагы буюмдарды жана медициналык жабдууларды, шаймандарды дезинфекциялоонун жана стерилизациялоонун коопсуздугу боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптарды сактоого;

2) медициналык калдыктардын бардык түрлөрүн бөлүү, чогултуу, таңгактоо, маркалоо, эсепке алуу, сактоо, ташуу, жугушсуздандыруу/ зыянсыздандыруу, көмүү боюнча талаптарды сактоого;

3) дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизилген дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды колдонууга;

4) консультациялык-методикалык жардам алуу үчүн алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн адистерди чакыруу учурунда билим берүү документтерин милдеттүү нострификациялоодон алдын ала өтүүгө.”;

– 165, 166-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“165. Фармацевттик ишке берилген лицензия мөөнөтсүз, ээликтен ажыратылгыс болуп саналат, анын колдонулушу лицензиялануучу иш жүзөгө ашырылуучу аймагы (дареги) менен чектелет.

166. Фармацевттик иш төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) дары каражаттарын өндүрүү;

2) медициналык буюмдарды өндүрүү;

3) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды дүң сатуу (дистрибьюция);

4) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды ташып киргизүү (импорттоо);

5) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды чекене сатуу;

6) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды даярдоо;

7) саламаттык сактоо уюмдарында дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды сактоо жана берүү.

Бир обочолонгон имаратта фармацевттик иштин бир нече объекттери ачылган учурда администрациялык-тиричилик жайлары жалпы болушу мүмкүн.”;

– 167-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 168-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1) арызда көрсөтүлгөн фармацевттик иштин түрүн жүзөгө ашыруу үчүн турак эмес кыймылсыз мүлккө жеке менчик укугун же ээлик кылуунун, пайдалануунун башка мыйзамдуу негиздерин ырастоочу, укук күбөлөндүрүүчү жана укук белгилөөчү документтердин көчүрмөлөрү (кыймылсыз мүлктүн техникалык паспорту, сатып алуу-сатуу келишими, ижара келишими жана башкалар);”;

2-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

– 169-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3-пунктча менен толукталсын:

“3) фармацевттик кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана аттестациядан өтүү.”;

– 173-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1) жогорку фармацевттик же медициналык билими бар, медициналык буюмдарды сактоо бөлүгүндө кошумча кесиптик билим алган адистин болушу;”;

– 174-пункттун 6-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“6) алыскы калктуу конуштарда даяр дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын дарыканасынын аянты – 20 кв. м кем эмес;”;

– 175-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“4) медициналык буюмдарды, оптиканы сатуу дүкөнүнүн пунктунун аянты – 20 кв. м кем эмес. Медициналык буюмдарды сатуу дүкөнүнүн, оптика дүкөнүнүн пункту медициналык буюмдар дүкөнүнүн түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана өз алдынча иштей албайт.”;

– жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) бул токтом күчүнө киргенге чейин берилген жана мөөнөтсүз статусуна ээ болгон лицензиялар өзүнүн юридикалык күчүн сактап калат жана алар берилген учурга карата белгиленген шарттарда колдонулат;

2) аталган лицензиялар, Кыргыз Республикасынын лицензиялоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, ушул токтомдун күчүнө киришине жана аларга карата жаңы талаптар колдонулгандыгына байланыштуу кайра тариздөөгө жатпайт.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-августу, №494***

## “ТАШКӨМҮР” ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛГЕН КООМУН ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик үлүш катышкан чарбалык коомдорду натыйжалуу башкаруу максатында, “Мамлекеттик мүлктү ишенимдүү башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте:

1) “Ташкөмүр” жоопкерчилиги чектелген коомунун мамлекеттик үлүшүнүн 96,94 пайызын Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**2.** Таш-Көмүр шаарынын мэриясына белгиленген тартипте төмөнкүлөр сунушталсын:

1) “Ташкөмүр” жоопкерчилиги чектелген коомунун мамлекеттик үлүшүнүн 96,94 пайызын муниципалдык менчикке кабыл алуу;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн “Ташкөмүр” жоопкерчилиги чектелген коомунун мамлекеттик үлүшүнүн 96,94 пайызын андан ары ээликтен ажыратпоо жана аны жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыгында пайдалануу;

3) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрүү.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 “Кыргызиндустрия” ачык акционердик коомун түзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Уставдык капиталдарындагы акциялардын (үлүштүн) мамлекеттик пакети “Кыргызиндустрия” ачык акционердик коомуна ишенимдүү башкарууга өткөрүп берилүүчү чарбалык коомдордун тизмесинде:

– 7-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-августу, №495***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА АЙДООЧУЛУК КУРАМДЫ КАТТОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн алуу үчүн практикалык сынактардан өтүүдө коррупциялык тобокелдиктерди жоюу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 “Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринде:

– 22-пункттун жыйырма үчүнчү абзацындагы “жана электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазы” деген сөздөр алып салынсын;

– 40-пункттун биринчи абзацындагы “, Евразия экономикалык биримдигинин өлкөлөрүнөн ташып келинген транспорт каражаттары, түзүлүштөр жана жабдуулар үчүн бажы документтерин көрсөтпөстөн, мамлекеттик контролдон өткөндүгү жөнүндө талондун болушу милдеттүү)” деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №819 “Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринде:

– 18-пункттун экинчи абзацындагы “үч” деген сөз “алты” деген сөз менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелеринде:

– 18-пункттагы “үч” деген сөз “алты” деген сөз менен алмаштырылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-августу, №497***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА СПОРТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 28-майындагы №167 “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн айрым кызматкерлеринин эмгек акысын теңдештирүү жана түзүүнүн бирдиктүү моделине келтирүү жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №180 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана маданият, маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттик ведомстволук мекемелерде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1, 2, 11 жана 13-тиркемелери ушул токтомдун 1, 2, 3 жана 4-тиркемелерине ылайык редакцияда тиешелүү түрдө баяндалсын;

2) жогоруда аталган токтомдун $2^1$-тиркемесинде:

– 9-пункттагы “1,52” деген цифралар “1,75” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 10-пункттагы “1,02” деген цифралар “1,20” деген цифраларга алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 9-тиркемесинде:

– 19-пункттагы “1,62” деген цифралар “1,75” деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун $7^1$-тиркемесинде:

– “Кенже тейлөө персонал” главасынын 2-пунктундагы “1” деген цифра “1,20” деген цифраларга алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 10-тиркемесинде:

– “Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Дене тарбия жана спорт департаментинин” деген сөздөр “Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин” деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун $10^1$-тиркемеси күчүн жоготту деп таанылсын;

4) жогоруда аталган токтомдун $10^2$, 11-тиркемелери ушул токтомдун 5, 6-тиркемелерине ылайык редакцияда тиешелүү түрдө баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №523 “Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын “ЭлТР” мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемеси ушул токтомдун 7-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2025-жылдын 1-майынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №499***

## ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ ЧЕК АРАСЫ АРКЫЛУУ ТОВАРЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮЧҮ ЖЕРЛЕР БОЛУП САНАЛГАН БАШКА ЖЕРЛЕРДЕ ТОВАРЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ УЧУРЛАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасынын айрым участокторунда товарларды жана транспорт каражаттарын өткөрүүнү тартипке салуу максатында, Евразия экономикалык бирлигинин Бажы кодексинин 10-беренесинин 3-пунктуна, 353-беренесинин 4-пунктуна, “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 2-бөлүгүнө, 148-беренесинин 3-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Евразия экономикалык бирлигинин бажы чек арасы аркылуу товарларды өткөрүүчү жерлер болуп саналган товарларды өткөрүүнүн башка жерлери, ошондой эле контролдун мамлекеттик түрлөрүн уюштуруу үчүн зарыл болгон башка жерлерди жайгаштырууга жана материалдык-техникалык жабдууга карата талаптар ушул токтомдун тиркемесине ылайык аныкталсын.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) ушул токтомдун тиркемесинин 1–5-пункттарында көрсөтүлгөн башка жерлер аркылуу товарларды өткөрүүгө төмөнкү учурларда жол берилет:

– Кыргыз Республикасынын аймагында калтырууга мүмкүн болбогон чет өлкөлүк товарларды жана транспорт каражаттарын үчүнчү өлкөнүн аймагынан ошол эле өлкөнүн аймагына Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу өткөрүү;

– Евразия экономикалык комиссиясынын актыларына ылайык бажы алымдарынын жана салыктардын бирдиктүү ставкаларын, ошондой эле жыйынды бажы төлөмү түрүндө алынуучу бажы алымдарын жана салыктарды төлөө менен жеке пайдалануу үчүн товарларды өткөрүү;

2) аларга карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бажы жыйымдарын төлөөдөн бошотуу жөнүндө чечими кабыл алынган же Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, ведомстволорунун же Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кайрылуусу бар товарлар менен чет өлкөлүк транспорт каражаттары, ошондой эле үчүнчү өлкөнүн аймагынан ошол эле өлкөнүн аймагына ушул токтомдун тиркемесинин 1–5-пункттарында көрсөтүлгөн башка жерлер аркылуу өткөрүлүүчү чет өлкөлүк жеңил транспорт каражаттары жана бош жүк ташуучу транспорт каражаттары бажы коштоосун жүргүзбөстөн бажы органы тарабынан товарларды ташуунун маршрутун белгилөө менен ташылат;

3) ушул токтомдун тиркемесинин 6–14-пункттарында көрсөтүлгөн башка жерлерде товарларды өткөрүүгө белгиленген нарктык, салмактык жана (же) сандык ченемдердин чектеринде жеке пайдалануу үчүн жеке жактар тарабынан товарларды өткөрүүдө гана жол берилет;

4) ушул токтомдун тиркемесинин 15-пунктунда көрсөтүлгөн башка жерде “Баткен” бажысында экспорттун бажы жол-жобосуна жайгаштырылган товарлардын төмөнкү түрлөрү гана ташып чыгарылат жана бул товарларды жүктөө үчүн бош жүк ташуучу транспорт каражаттары Кыргыз Республикасынын аймагына кирет:

| № | ТЭИ ТН коду | Позициянын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | 2514 00 000 0 | Одоно майдаланган же майдаланбаган, таарып кесилген же таарып кесилбеген же болбосо башка ыкма менен тик бурчтуу формадагы (анын ичинде чарчы) блокторго же плиталарга бөлүнгөн сланец |
| 2 | 2516 11 000 0 | Иштетилбеген же одоно майдаланган гранит (базальт) |
| 3 | 2520 10 000 0 | Гипс, ангидрит (гипс ташы) |
| 4 | 2521 00 000 0 | Акиташ флюс; акиташ жана акиташ же цемент даярдоо үчүн колдонулуучу башка акиташ ташы |

.

**3.** Мамлекеттик чек араны кайтаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул токтомдун 2-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн чет өлкөлүк товарларды, ошондой эле жеке пайдалануу үчүн алымсыз ташып келүүнүн белгиленген ченемдеринен ашкан товарларды ушул токтомдун тиркемесинин 6–14-пункттарында көрсөтүлгөн башка жерлер аркылуу өткөрүүгө жол бербөөнү камсыз кылсын. Мындай товарлар ушул токтомдун тиркемесинин 1–5-пункттарында көрсөтүлгөн башка жерлер аркылуу өткөрүү үчүн кайра багытталууга тийиш.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен жана Ош облустарындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып алты айлык мөөнөттө ушул токтомдун тиркемесинде көрсөтүлгөн башка жерлерде ишти уюштуруу, зарыл болгон инфраструктураны түзүү жана өнүктүрүү үчүн белгиленген тартипте электр энергиясы жана суу менен камсыздап, мамлекеттик чек араны кайтаруу жана бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жер участокторун берүүнү камсыз кылсын.

**5.** Ушул токтомдун тиркемесинде көрсөтүлгөн мамлекеттик контролдоо органдары ушул токтомдун 4-пунктунда каралган иш-чаралар аткарылган күндөн тартып үч айлык мөөнөттө бюджеттик каражаттардын чегинде:

1) ушул токтомдун тиркемесинде көрсөтүлгөн башка жерлерде жумуш орундарын жайгаштырууну жана жабдууну аяктасын;

2) ушул токтомдун жоболорун ишке ашыруу үчүн зарыл болгон уюштуруу-штаттык жана башка иш-чараларды жүргүзсүн.

**6.** Бул токтомду ишке ашыруу бекитилген штаттык сандын жана тиешелүү мамлекеттик органдар үчүн 2025-жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт.

**7**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом күчүнө кирген күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирүүчү 1–3-пункттарды кошпогондо, бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-августу, №496***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН АЛДЫНДАГЫ КӨЗӨМӨЛДӨӨ-ТЕКШЕРҮҮ ТОБУНУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

Талапкерлердин, саясий партиялардын, референдум фонддорунун каражаттарын түзүүнүн жана чыгымдоонун тартибин көзөмөлдөө механизмдерин түзүү, ошондой эле талапкерлердин шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын келип түшүү булактарын, туура эсепке алынышын жана пайдаланылышын контролдоо, алардын финансылык отчетторун текшерүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 42-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобунун иши жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы контролдук-текшерүү тобунун иши жөнүндөгү" Жобону бекитүү тууралуу" 2017-жылдын 14-июнундагы №157 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2021-жылдын 5-сентябрындагы №680 токтомунун 5-пункту.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №56***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №56 токтомуна тиркеме*

## Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобунун ишмердүүлүгү жөнүндө ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобунун ишмердүүлүгү жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) көзөмөлдөө-текшерүү тобунун (мындан ары - КТТ) милдеттерин, функцияларын, ыйгарым укуктарын, уюштуруу жана иштөө тартибин аныктайт.

2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыкты.

3. КТТ талапкерлердин, саясий партиялардын, референдум фонддорунун каражаттарын түзүү жана чыгымдоо тартибин, ошондой эле алардын финансылык отчетторун текшерүү үчүн түзүлөт.

4. КТТ шайлоолорду жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) алдында түзүлөт.

5. КТТ ачыктык, мыйзамдуулук, калыстык принциптеринде иш алып барат.

6. КТТ өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, конституциялык мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомдорун жана башка актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

7. КТТнын ишин уюштуруу, укуктук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

8. КТТнын ишин каржылоо Борбордук шайлоо комиссиясынын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

### 2. Көзөмөлдөө-текшерүү тобунун милдеттери

9. КТТнын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

– талапкерлердин, саясий партиялардын, референдумдун фонддорун, шайлоо фонддорун, акча каражаттарынын келип түшүү булактарын жана пайдаланышын, талапкерлердин, саясий партиялардын жана референдумга "макул" же "каршы" топтордун финансылык отчетторунун туура эсепке алынышын жана текшерилишин контролдоо;

– талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун, референдумдун фонддорунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө жана өз ишинин натыйжалары жөнүндө шайлоочуларга маалымдоо.

### 3. Көзөмөлдөө-текшерүү тобунун функциялары

10. КТТ милдеттерин аткаруу максатында төмөнкүлөрдү камсыздайт:

– шайлоо комиссиялары, талапкерлер, саясий партиялар, "макул" же "каршы" топтор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү, шайлоо кампанияларын жана референдум кампанияларын каржылоону жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларын сакташын текшерүүнү;

– талапкерлердин, саясий партиялардын, "макул" же "каршы" топтордун шайлоо фонддорунун банктык же башка мекемелер тарабынан берилген атайын эсептеринде турган каражаттардын келип түшүү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды (билдирүүлөрдү) чогултуу жана талдоону;

– талапкерлердин, саясий партиялардын, "макул" же "каршы" топтордун шайлоо фонддорунун жана референдумдун фонддорунун атайын эсептеринде турган каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторун текшерүү жана алардын баштапкы финансылык документтерге шайкештигин белгилөөнү;

– талапкерлер, саясий партиялар, "макул" же "каршы" топтор тарабынан шайлоолор, референдум аяктагандан кийин тиешелүү фонддордун чыгымдалбаган акча каражаттарынын калдыктарын кайтарып берүүнү контролдоону;

– талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо төгүмдөрүнүн Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине келип түшүүсүнүн жана алардын Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине которулушунун тууралыгын текшерүүнү;

– шайлоо кампанияларын, референдумдун кампанияларын каржылоого тиешелүү маселелер боюнча менчигинин түрүнө карабастан ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, банктарда жана башка кредиттик-финансылык мекемелерде текшерүүлөрдү жүргүзүүнү;

– шайлоолорду, референдумду каржылоо маселелери боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын актыларын, ошондой эле шайлоо кампанияларын жана референдум кампанияларын иштеп чыгууга катышууну;

– талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун, референдумдун фонддорунун каражаттарынын чыгымдалышын текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомдорунун жана башка чечимдеринин долбоорлорун даярдоону;

– шайлоолорду, референдумду, ошондой эле шайлоо кампанияларын жана референдум кампанияларын каржылоого тиешелүү маселелер боюнча жеке жана юридикалык жактардын арыздарын жана даттанууларын кароону;

– шайлоолорду, референдумду каржылоо маселелери боюнча бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларына, ошондой эле талапкерлерге, саясий партияларга, "макул" же "каршы" топторго шайлоо жана референдум кампанияларын каржылоо жана алардын финансылык отчетторун даярдоо маселелери боюнча усулдук жардам көрсөтүүнү;

– талапкерлердин, саясий партиялардын, референдумдун фондоруна "макул" же "каршы" топтордун шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды (билдирүүлөрдү), көрсөтүлгөн фонддордун финансылык отчетторун жеке маалыматтарды жана банктык сырды коргоо жөнүндө мыйзамдарды жана башка маалымат булактарын эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыялоону.

### 4. Көзөмөлдөө-текшерүү тобун уюштуруунун жана ишмердүүлүгүнүн тартиби

11. КТТ Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен 7 адамдан кем эмес санда түзүлөт.

Курамы Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын буйругу менен бекитилет.

12. КТТ шайлоолорду, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилине түзүлөт жана КТТнын иш-чаралар планында, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын жана/же Борбордук шайлоо комиссиясынын айрым жазуу жүзүндөгү тапшырмаларында аныкталган милдеттерди ишке ашыруу аяктаганга чейин иштейт.

13. КТТнын иши өз ыйгарым укуктарынын негизинде жана анын чегинде төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат:

– КТТнын иш-чараларынын планынын (Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген);

– Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана КТТнын жетекчисинин айрым тапшырмаларынын;

– түшкөн даттанууларды, арыздардын жана кайрылуулардын.

14. КТТнын жыйналыштары зарылдыгына жараша шайлоо, референдум мезгилинде айына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналыштар протоколдоштурулат.

15. КТТ өз ишинин натыйжалары боюнча корутундуларды (актыларды) жана маалымкаттарды түзөт. КТТнын ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат жалпылаштырылгандан кийин Борбордук шайлоо комиссиясына берилет жана расмий сайтка жарыяланат.

16. КТТга төмөнкүлөр кирет: КТТнын жетекчиси, КТТга дайындалган Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, тартылган укук коргоо, финансылык жана башка мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана мекемелердин адистери, ошондой эле тартылган эксперттер. Көрсөтүлгөн органдар, уюмдар жана мекемелер Борбордук шайлоо комиссиясынын суроо-талабы боюнча шайлоону, референдумду дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 15 календардык күндөн кечиктирбестен адистерди анын карамагына иш сапарына жиберүүгө милдеттүү.

17. КТТ иштеген мезгилде тартылган адистер негизги ишинен бошотулат, алардын негизги иштеген жеринде (кызматы) орду, белгиленген кызматтык маянасы жана башка төлөмдөрү сакталат. Көрсөтүлгөн тартылган адистерге шайлоолорду, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн каражаттардын эсебинен сый акы да төлөнүшү мүмкүн.

### 5. Көзөмөлдөө-текшерүү тобунун ыйгарым укуктары

18. КТТ Борбордук шайлоо комиссиясынын жазуу жүзүндөгү тапшырмасы боюнча:

1) талапкерлердин, саясий партиялардын, "макул" же "каршы" топтордун, төмөн турган шайлоо комиссияларынын финансылык отчетторун текшерет;

2) талапкерлерден, саясий партиялардан, "макул" же "каршы" топтордон, шайлоо комиссияларынан өзүнүн компетенциясына кирген бардык маселелер боюнча маалыматтарды сурайт жана алат;

3) шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнү, референдум маселелери боюнча үгүт жүргүзүүнү, талапкерлердин, саясий партиялардын, референдум өнөктүгүн өткөрүүгө түздөн-түз байланышкан башка иш-чараларды жүзөгө ашырууну каржылоонун белгиленген тартибинин сакталышын контролдойт;

4) мамлекеттик органдарга, менчигинин түрүнө карабастан уюмдарга, ошондой эле КТТнын карамагына таандык маселелер боюнча жарандарга кайрылат, шайлоону же референдумду финансылык жактан камсыз кылууга байланышкан зарыл маалыматтарды жана материалдарды сурап алат. КТТнын кайрылууларына жана ал сураган материалдарга жооптор 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнүнө чейин 5 же андан аз күн калганда жана добуш берүү күнүндө дароо берилет;

5) шайлоону каржылоодо финансылык тартип бузуулар жөнүндө документтерди (корутундуларды, маалымкаттарды, экспертик баалоолорду) түзөт;

6) талапкерлерге, саясий партияларга, "макул" же "каршы" топторго, ошондой эле талапкерлердин, саясий партиялардын, "макул" же "каршы" топтордун шайлоо өнөктүгүн каржылоодо жол берилген бузуулар үчүн жарандарга жана юридикалык жактарга карата жоопкерчилик чараларын колдонуу жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссиясынын алдына маселелерди коёт;

7) текшерүүлөрдү жүргүзүүгө, корутундуларды жана экспертик баа берүүлөрдү даярдоого адистерди жана эксперттерди тартат.

19. Шайлоо жана референдум фонддорунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат, шайлоо өнөктүгүн финансылоо жөнүндө талапкерлердин, саясий партиянын, референдум топторун финансылык отчеттору, шайлоо төгүмдөрүнүн келип түшкөн каражаттарынын суммасы жана мамлекеттик бюджетке которулган сума жөнүндө маалымат жеке маалыматтар жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш.

### 6. Көзөмөлдөө-текшерүү тобунун жетекчисинин укуктары жана милдеттери

20. КТТнын жетекчиси:

– КТТнын ишин уюштурат;

– КТТнын карамагына кирген маселелер боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын иш-планына сунуштарды киргизет;

– мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, шайлоо комиссияларында, саясий партияларда, Кыргыз Республикасынын коомдук, коммерциялык жана башка ишканаларында, мекемелеринде жана уюмдарында, ошондой эле талапкерлердин, саясий партиялардын жана "макул" же "каршы" топтордун алдында КТТнын кызыкчылыгын коргойт;

– КТТнын иши жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына отчет берет;

– КТТнын курамына кирген адамдардын, КТТнын ишине тартылган адамдардын ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт, аларга тапшырмаларды берет жана алардын аткарылышын текшерет;

– КТТнын Борбордук шайлоо комиссиясы менен туруктуу байланышын камсыз кылат, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимин талап кылган маселелер боюнча сунуштарды киргизет.

21. КТТнын жетекчиси жок болгон учурда анын милдеттерин КТТнын курамындагы Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири аткарат.

### 7. Жоопкерчилик

22. КТТнын мүчөлөрү мыйзамдардын сакталышы үчүн; тыянактардын объективдүүлүгү жана негиздүүлүгү үчүн; купуя маалыматты сактоо үчүн жоопкерчилик тартышат.

23. Иш тартибин бузгандыгы, маалыматты ачыкка чыгаргандыгы же ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн КТТнын мүчөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен четтетилиши жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

### 8. Корутунду жоболор

24. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган маселелер Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык чечилет.

**ШАЙЛООЛОРДУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларды аккредитациялоонун тартибин, эрежелерин жана шарттарын жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

**1.** Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларды аккредитациялоо жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" 2016-жылдын 11-октябрындагы №151 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарды жана интернет-басылмаларды аккредитациялоо жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" 2017-жылдын 14-июнундагы №152 токтому;

3) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 14-июнундагы №152 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарды жана интернет-басылмаларды аккредитациялоо жөнүндө" Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2017-жылдын 4-октябрындагы №494 токтому;

4) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 11-октябрындагы №151 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2020-жылдын 11-февралындагы №43 токтому;

5) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларды аккредитациялоонун тартиби жөнүндө жобо тууралуу" 2020-жылдын 26-июнундагы №117 токтому;

6) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 11-октябрындагы №151 токтому менен бекитилген "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларды аккредитациялоо жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2021-жылдын 15-февралындагы №41 токтому;

7) Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2021-жылдын 15-сентябрындагы №694 токтомунун 1-пункту.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №57***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №57 токтомуна тиркеме*

# Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо тартиби жөнүндө ЖОБО

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде үгүт иштерине жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларды аккредитациялоонун тартибин жөнгө салат.

2. Бул Жобонун максаты маалымат алууга жана таратууга шайлоочулардын жана шайлоонун башка катышуучуларынын укуктарынын кепилдиктерин камсыз кылуу, шайлоочулар аңдап-түшүнүү менен тандоо жасашын жана шайлоонун маалымдуулугун камсыз кылуу, шайлоо системасына жана шайлоо институтуна коомдук ишенимди арттыруу болуп саналат.

3. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө", "Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө", "Маалымат алуу укугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) башка ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык иштелип чыкты.

**2. Аккредитациялоонун шарттары жана тартиби**

4. Жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар шайлоо алдындагы үгүткө катышуу үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитацияланат.

5. Борбордук шайлоо комиссиясында аккредитацияланбаган жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар шайлоо алдындагы үгүттүн белгилери жок шайлоону маалыматтык жактан камсыз кылууга катышууга укуктуу.

6. Аккредитациялоо үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын жана/же алардын өкүлдөрүнүн саны чектелбейт.

Тиешелүү шайлоо комиссиясы өткөрүп жаткан бир жыйналышка же иш-чарага бир жалпыга маалымдоо каражатынын же интернет-басылманын өкүлдөрүнүн саны алардын шайлоо комиссияларынын жыйналыштары жана башка иш-чаралары өткөрүлүп жаткан жайларда жайгаштыруунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныкталат жана бир жалпыга маалымдоо каражатынан, интернет-басылмадан эки адамдан ашуута тийиш эмес.

7. Шайлоону өткөрүүдө аккредитациялоо максатында тийиштүү телерадио берүү уюмдары, мезгилдүү басылмалардын редакциялары, интернет-басылмалардын ээлери эфир убактысын, басма аянтын же интернет-басылмалардын жарыялоо укуктарын берүү үчүн акынын өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды шайлоону дайындоо жана референдумду өткөрүү жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып төмөнкүдөй мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө тийиш.

– Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо өткөрүлгөн учурда 20 календардык күндөн кечиктирбестен;

– жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо өткөрүлгөн учурда 10 календардык күндөн кечиктирбестен.

8. Ушул Жобонун 7-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин берилген маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясы өзүнүн расмий сайтында жалпыга маалымдоо үчүн шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып төмөнкүдөй мөөнөттөн кечиктирбестен жалпы маалымат үчүн жарыялайт:

– Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо өткөрүлгөн учурда 25 календардык күндөн кечиктирбестен;

– жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо өткөрүлгөн учурда 15 календардык күндөн кечиктирбестен.

9. Шайлоо алдындагы үгүт ишине катышууга ниетин билдирген жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар 7-пунктта белгиленген мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу түрүндө жана электрондук форматта төмөнкү документтерди тапшырууга милдеттүү:

– шайлоо алдындагы үгүткө катышууга даярдыгы жөнүндө билдирүүнү, анда жалпыга маалымдоо каражатынын же интернет-басылмасынын жетекчисинин ФААсын, координаттарын жана байланыш маалыматтарын, өздөрүнүн өкүлдөрүнүн тизмесин көрсөтүүсү зарыл;

– жалпыга маалымдоо каражатын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн;

– юридикалык жактын мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүнүн же жеке ишкердин мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн (интернет-басылмалар үчүн) көчүрмөсүн;

– уставдын көчүрмөсүн (эгерде бар болсо);

– маалымат жана массалык коммуникация чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилген иш жүргүзүүгө уруксат берген документтердин көчүрмөсүн;

– эфир убактысын, басма аянтчасын жана интернет-басылмаларына жарыялоо укугун бергендиги үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттар жөнүндө күбөлөндүрүлгөн маалыматтар. Мында эфир убактысын, басма аянтчасын жана интернет-басылмаларына жарыялоо укугун бергендиги үчүн наркы шайлоону дайындаган күнгө чейинки 6 ай мурда алынып жүргөн нарктан ашпоосу керек;

– жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлдөрүнүн тизмесин жана электрондук варианттагы арызда камтылган башка маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук почтасына жөнөтөт.

10. Документтер талаптарга жооп бербеген учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы бул тууралуу арыз ээсине 24 сааттын ичинде кабарлайт. Белгиленген эскертүүлөрдү арыз ээси маалымдама алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде ондоп-түздөөгө укуктуу.

11. Мөөнөтүнөн кеч берилген (жарыяланган) же толук эмес көрсөтүлгөн арыздар кароого алынбайт.

12. Шайлоо болгон жок же жараксыз деп таанылып, кайра шайлоо дайындалган учурда, аккредитациядан өткөн маалымат каражаттары кайрадан шайлоо процессин чагылдырууну улантуу укугуна ээ болушат. Ал эми, шайлоого жаңыдан катышууга ниетин билдирген маалымат каражаттары ушул Жободо белгиленген талаптарга ылайык аккредитациядан өтөт.

Мөөнөтүнөн мурда шайлоодо ушул Жобонун 7, 8-пункттарында белгиленген мөөнөттөр үчтөн бирине кыскарат.

**3. Аккредитациялоону уюштуруу**

13. Борбордук шайлоо комиссиясы, жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоону уюштурууда төмөнкүдөй иштерди аткарат:

– жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо мөөнөттөрү жана эрежелери жөнүндө өз убагында кабарлайт жана маалымат жеткирет;

– шайлоо мыйзамдары жана жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо тартиби боюнча маалыматтык жана консультациялык жардам көрсөтөт;

– жалпыга маалымдоо каражаттарынан келип түшкөн билдирүүлөрдү жана документтерди кабыл алат жана каттайт.

14. Жалпыга маалымдоо каражаттарын жана/же алардын өкүлдөрүн аккредитациялоо чечими, аккредитация үчүн зарыл болгон билдирүү жана документтерди тапшыруу мөөнөтү аяктагандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кабыл алынат.

15. Борбордук шайлоо комиссиясы, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана/же алардын өкүлдөрүн аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин, аккредитациядан өткөн жалпыга маалымдоо каражаттарын жана/же алардын өкүлдөрүнүн тизмесин түзөт жана аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат.

16. Борбордук шайлоо комиссиясы, аккредитациядан өткөн жалпыга маалымдоо каражаттарын шайлоого даярдык көрүү жана аны өткөрүү процессинде толук жана калыс маалымат алуу үчүн шарттарды түзөт, анын ичинде:

– жалпыга маалымдоо каражаттарына шайлоо комиссияларынын жыйындарынын өткөрүү датасы жана убактысы жөнүндө кабар берет;

– ушул Жобонун талаптарын эске алуу менен, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн шайлоо комиссияларынын жыйындарына катышуусун камсыздайт;

– аккредитациядан өткөн жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү техникалык байланыш каражаттарын колдонуу менен өз редакцияларына ыкчам маалыматтарды берүү үчүн атайын орундарды белгилешет;

– жалпыга маалымдоо каражаттарынын талабы боюнча шайлоо комиссиялары тарабынан кабыл алган чечимдер боюнча маалымат берет;

– шайлоого даярдык көрүү мезгилинде жана шайлоо күнү фото жана видео тартуу үчүн мыйзамдарда белгиленген талаптарга ылайык шарттарды түзөт жана анын тартибин аныктайт;

– маалымат таратуу максатында атайын брифингдерди, жолугушууларды, пресс-конференцияларды, маектерди жана башка иш-чараларды уюштурат;

– жалпыга маалымдоо каражаттарынын талабы боюнча маалыматтык-маалымдама материалдар менен тааныштырат.

**4. Укуктары жана милдеттери**

17. Аккредитациядан өткөн жалпыга маалымдоо каражаттары жана/же алардын өкүлдөрү төмөнкү укуктарга ээ:

– шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышууга;

– шайлоо комиссияларынын жыйындарына катышууга;

– шайлоонун жүрүшү тууралуу, анын ичинде брифингдерде жана пресс-конференцияларда маалымат алууга;

– атайын бөлүнгөн жерлерде байланыш каражаттарын жана техникалык жабдууларды пайдаланууга;

– мыйзамдарга ылайык фото жана видеого тартууга;

– мыйзам тарабынан корголгон сырларды камтыбаган протоколдордун жана башка документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

– материалдарды өз аты же псевдоними менен жарыялоого;

– эгер материал мыйзамга же жеке ишенимдерине каршы келсе, аны даярдоодон жана жарыялоодон баш тартууга;

– авторлукту жашырууга;

– эгер редакциялык ондоодо материал бурмаланган болсо, ал материалга кол койбоого же аны басма сөздөн (эфирден) интернет-басылмадан алып салууну талап кылууга;

Журналисттин укуктарын пайдаланып, коомдук мааниүү маалыматтарды жашыруун же бурмалоо, же болбосо ушак-айыңдарды ишенимдүү маалымат катары жайылтуу мыйзамга каршы келет.

18. Өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашырууда жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, эл аралык келишимдерди жана кесиптик этика нормаларын сактоого;

– так жана ишенимдүү маалымат берүүгө;

– журналисттик укуктардан аша чаап пайдаланбоо, маа-

*(Уландысы 18-бетте)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

*(Башталышы 17-бетте)*

лыматты бурмалоо же факт катары ушак таратуудан карманууга;

– алдын ала жалган маалыматтарга негизделген, талапкерлердин, саясий партиялардын же башка шайлоого катышуучулардын ар-намысына, кадыр-баркына, ишкердик беделине шек келтирген материалдарды жарыялоого жол бербөөгө.

Мындай материалдарды жарыялаган жалпыга маалымдоо каражаттары, талапкердин же саясий партиянын талабына жана мыйзамга ылайык, чындыкка туура келбеген же аны бурмалаган макала, басылма же билдирүү боюнча төгүндөө жарыялоого же түшүндүрмө берүүгө милдеттүү, бул учурда колдонуудагы мыйзамдар жетекчиликке алынат.

19. Аккредитациядан өткөн жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлү (журналист) аудио же видеожазуу жабдууларын маалымат булагынын же автордун макулдугусуз колдонууга укуксуз.

20. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлүнүн (журналисттин) кесиптик укуктары, ар-намысы жана кадыр-барккы мыйзам менен корголот.

21. Төмөнкү аракеттер үчүн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин кызмат адамдары мыйзам алдында жоопко тартылат:

– цензура жүргүзүү;

– журналисттин мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылуу;

– журналистке кысым көрсөтүү же ишине мыйзамсыз кийлигишүү;

–.журналисттин материалдарын же техникалык жабдууларын мыйзамсыз тартып алуу;

– журналистке жалган же бир тараптуу маалымат берүү.

# Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо тартиби жөнүндө ЖОБО

22. Журналисттин мыйзамда каралган укуктарын бузуу, ар-намысына шек келтирүү, коркутуу, күч колдонуу, өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө кол салуу кесиптик ишмердүүлүгү менен байланыштуу болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

23. Журналист расмий булактарда камтылган маалыматты жарыялаганы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**5. Аккредитациялоодон өткөн жалпыга маалымдоо каражаттарынын жоопкерчилиги**

24. Аккредитациялоодон өткөн жалпыга маалымдоо каражаттары жана алардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилген маалыматтын тактыгын камсыздоого жоопту.

25. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана/же анын өкүлүнүн аккредитациясы төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

– жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлү редакциядан бошотулганда (мындай учурда жалпыга маалымдоо каражаттары башка өкүлдү аккредитациялоого укуктуу);

– жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердүүлүгү токтотулган же убактылуу токтотулган учурда;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул Жобонун талаптарын бузганда.

26. Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул Жобонун талаптарын бир нече жолу бузган жалпыга маалымдоо каражаттарынын бардык өкүлдөрүнүн аккредитациясын чакыртып алуу укугуна ээ.

27. Аккредитацияны чакыртып алуу жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан тиешелүү мыйзамда белгиленген негиздерге таянуу менен кабыл алынат.

**6. Чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарын аккредитациялоо**

28. Шайлоонун даярдыгы менен өткөрүлүшүн маалыматтык чагылдыруу максатында чет элдик маалымат каражаттарынын кабарчылары Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан арызга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан берилген аккредитация күбөлүгүнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын аймагында чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларын аккредитациялоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 19-апрелиндеги №215 токтому менен бекитилген Жобого ылайык аккредитациялоо жүргүзүлөт.

29. Шайлоонун даярдыгын жана өткөрүүнү маалыматтык чагылдырууга катышкан чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчылары ушул Жободо көрсөтүлгөн талаптарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып барышат.

30. Чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчылары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык укуктарга ээ болуп, милдеттенмелерин аткарышат жана жоопкерчилик тартышат. Чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларынын укуктук абалына коюлган чектөөлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

## ШАЙЛОО МЕЗГИЛИНДЕ ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ЖАНА ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН БАШКА СУБЪЕКТТЕРИН МААЛЫМДОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоочуларга маалымдоо жана маалыматтарды таратуунун тартибин жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Шайлоо мезгилинде шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоочуларга маалымдоо жана маалыматтарды таратуу жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" 2016-жылдын 20-октябрындагы №159 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 20-октябрындагы №159 токтому менен бекитилген "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоочуларга маалымдоо жана маалыматтарды таратуу жөнүндө" Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2020-жылдын 11-февралындагы №42 токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо жөнүндө" жобо тууралуу" 2021-жылдын 15-сентябрындагы №692 токтому.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №58***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №58 токтомуна тиркеме*

# Шайлоо мезгилинде шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо жөнүндө ЖОБО

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Шайлоо мезгилинде шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоочуларга жана шайлоонун башка катышуучуларына маалымдоонун, шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын катышуусунун тартибин жана шарттарын жөнгө салат.

2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Журналисттин кесиптик ишин коргоо жөнүндө", "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

3. Бул Жобонун максаты шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө эл аралык шайлоо стандарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына толук ылайыктуулукта демократиялык башталыштарды чыңдоо, шайлоо тутумуна жана шайлоо институтуна карата коомдук ишенимди жогорулатуу, шайлоочулардын жана шайлоонун башка катышуучуларынын маалыматтык кепилдиктерин камсыз кылуу, шайлоочулардын өз эркин аң-сезимдүү билдирүүсүн жана шайлоонун айкындуулугун камсыз кылуу болуп саналат.

**2. Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоого карата жалпы талаптар**

4. Шайлоочуларды маалымдоо шайлоо кампаниясынын жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын, шайлоо участкаларынын иштери, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн, добуш берүүгө катышуунун, добуш берүүнүн, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөөнүн тартиби жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө төмөнкүдөй болушу керек:

– кайсы бир талапкерге/талапкерлерге, саясий партия көрсөткөн талапкерге артыкчылык түзбөгөн;

– тигил же бул талапкерге/талапкерлерге же саясий партия көрсөткөн талапкерге же болбосо алардын баарына каршы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү белгилерин камтыбаган;

– талапкер/талапкерлер, саясий партия көрсөткөн талапкер, алардын программалары тууралуу расмий маалыматтарды даярдоо жана таркатуу боюнча шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын иштери жөнүндө шайлоо кампанияларынын мезгилинде маалыматтарды даярдоо жана таркатуу, ошондой эле аларга каршы же алардын пайдасына жашыруун үгүт жүргүзбөгөн.

5. Шайлоо комиссиялары, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, юридикалык жана жеке жактар шайлоочуларды маалымдоонун субъекттери болуп саналышат.

6. Шайлоочуларды маалымдоо мыйзамдарда белгиленген чектерде гана жол берилет жана шайлоо алдындагы үгүттүн элементтерин же белгилерин камтыбашы керек.

7. Жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылуучу же башка ыкма менен таратылуучу маалыматтык материалдардын мазмуну объективдүү, анык болууга тийиш, талапкерлердин, саясий партиялардын теңчилдигин бузбоого, кандай гана болбосун кайсы бир талапкерге/талапкерлерге же саясий партияга артыкчылык бербөөгө тийиш.

Маалыматтык теле-радио программаларында, мезгилдүү басма сөздөрдөгү басылмаларда (менчигинин түрүнө карабастан) катталган талапкерлер, саясий партия көрсөткөн талапкер жөнүндө маалыматтар, талапкер/талапкерлер өткөргөн шайлоо алдындагы иш-чаралар жөнүндө билдирүүлөр комментарий берилбестен, өзүнчө маалыматтык блок катары берилүүгө тийиш. Мындай маалыматтык блоктор талапкерлер, финансы маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр тарабынан төлөнбөйт. Аларда кайсы бир талапкерге/талапкерлерге басым жасоого, кайсы бир талапкерди/талапкерлерди дискриминациялоого, анын ичинде алардын шайлоо алдындагы иштерине, мындай билдирүүлөр үчүн бөлүнгөн эфир убактысынын же басылма аянтынын көлөмүнө артыкчылык берилбөөгө тийиш.

8. Шайлоочуларга маалымдоо - шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде шайлоочулардын шайлоого катышуусуна, жарандардын аң-сезимдүү жана эркин билдирүүсүнө жана шайлоонун айкындуулугуна түрткү көмөктөшүүчү материалдарды даярдоо жана таратуу болуп саналат.

Шайлоочуларга маалыматтарды таратуу тууралуу маалымдоодо төмөнкүлөр камтылат:

– шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жөнүндө;

– шайлоо комиссияларынын иши жөнүндө;

– шайлоо участоктору жөнүндө;

– шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби жөнүндө;

– добуш берүүгө катышуу тартиби жөнүндө;

– добуш берүү тартиби жөнүндө;

– добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө тартиби жөнүндө;

Шайлоо комиссияларына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына расмий маалымдоо:

– кайсы бир талапкерге/талапкерлерге артыкчылык түзбөй туруп, тигил же бул талапкер үчүн, же аларга каршы шайлоо алдында үгүт жүргүзүү белгилери камтылбаган талапкер/талапкерлер жана анын (алардын) программалары жөнүндө;

– кайсы бир саясий партияга/партияларга артыкчылык бербей туруп тигил же бул саясий партия үчүн же ага каршы үгүт жүргүзүү белгилери камтылбаган саясий партия/партиялар жана анын (алардын) программалары жөнүндө.

9. Талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн же шайлоодо катышуучусу катары катталган саясий партиялар, же алардын өкүлдөрү тарабынан алардын идентификациялоого (алардын таандуулугун аныктоо) жол берүүчү саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, тең белгилерин, логотиптерин же алардын мүнөздүү курамдык бөлүктөрүн, желегин, девиздерин, жазууларын жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) пайдалануу менен маалыматтарды же башка материалдарды жайылтуу үгүт жүргүзүү болуп саналат жана шайлоо дайындалган күндөн тартып, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгилде жана добуш берүү башталганга 24 саат калганга чейин жол берилбейт.

*(Уландысы 19-бетте)*

# Шайлоо мезгилинде шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо жөнүндө ЖОБО

*(Башталышы 18-бетте)*

Талапкерлердин, саясий партиялардын штабдары жайгашкан имараттарда жана жайларда талапкерлердин, саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, логотиптерин, төш белгилерин, желегин, девиздерин жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) жайгаштыруу шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү болуп саналбайт.

10. Шайлоого байланыштуу коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) шайлоочуларды маалымдоонун бир түрү болуп саналат. Сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоо ушул Жобонун талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Шайлоого байланыштуу коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоодо (чагылдырууда) аталган жарыялоону (чагылдырууну) ишке ашырган жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, жарандар жана уюмдар төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө милдеттүү:

– сурамжылоону жүргүзгөн уюмду же жеке жакты;
– сурамжылоо жүргүзүү убагын;
– сурамжылангандардын санын (иргелген);
– маалыматты чогултуу усулун;
– сурамжылоо жүргүзүлгөн регионду;
– суроонун так баяндалышын;
– мүмкүн болуучу кемчиликтерге статистикалык баа берүүнү;
– сурамжылоону жүргүзүүнү табыштаган жакты (жактарды);
– жарыялоого акы төлөгөн жакты (жактарды) көрсөтүүгө.

11. Добуш берүү күнүнө чейинки акыркы 5 күндө, ошондой эле добуш берүү күнү коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка иликтөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларында жарыялоого жол берилбейт.

12. Ушул Жобонун талаптарын сактабоо маалыматтык материалдарды үгүттөө материалдары деп таанууга жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

### 3. Шайлоо мезгилинде жарандардын маалыматтарды алууга жана таратууга укуктарынын кепилдиктери

13. Шайлоону чагылдырууда жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар мыйзамдын талаптарын сактап, цензурага жол бербестен жана ушул Жобонун талаптарын бузбастан катталган талапкерлердин, саясий партиялардын маалыматты таратууда бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

14. Жалпыга жеткиликтүүлүгү, объективдүүлүгү, өз убагында берилиши, ачыктыгы жана ишенимдүүлүгү маалыматка жетүү эркиндигинин негизги принциптери болуп саналат.

Мамлекет ар кимдин маалыматты издөө, алуу, изилдөө, өндүрүү, берүү жана таратуу укугун бардык мыйзамдуу жолдор менен, анын ичинде майыптыгы бар жарандар үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу менен коргойт.

15. Маалымат берүүчү субъектилер шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан иш-чараларды чагылдыруу үчүн журналисттерди жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн аккредитациялоого милдеттүү.

16. Борбордук шайлоо комиссиясынан аккредитациядан өткөн журналисттер мыйзамда башкача каралбаган учурда шайлоо комиссиялары өткөргөн бардык иш-чараларга катышууга жана маалыматты тоскоолдуксуз алууга укуктуу.

17. Маалыматка жетүүнү чектөө төмөндөгү максаттарда белгиленет:

1) мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти сактоодо;
2) калктын ден соолугун жана адеп-ахлактыгын сактоодо;
3) башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо.

Маалыматка кирүүнү чектөө төмөндөгү маалыматтарга карата колдонулат:

1) мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө мыйзамдарда белгилегенген мамлекеттик сырларга;
2) жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө мыйзамда белгиленген жеке мүнөздөгү маалыматтарга;
3) мыйзамдарда белгиленген учурларда ыкчам издептабуу иши тууралуу, кылмыш иши боюнча өндүрүштөргө;
4) мыйзам менен корголуучу сырлар камтылгандарга (коммерциялык, банктык, нотаристик, врачтык, адвокаттык ж.б.).

18. Борбордук шайлоо комиссиясы тааныштыруу жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү түрдө тактоо, тизмелердеги каталарды жана так эместиктерди аныктоо үчүн шайлоочунун туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, туулган жылы жөнүндө маалыматтары жок шайлоочулардын тизмелерин расмий сайттарга жайгаштырат.

Маалыматтарды берүүдөн баш тартуу, ошондой эле "Маалымат алуу укугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарын бузган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка аракеттери (аракетсиздиктери) жана чечимдери Административдик-процесстик кодексинде белгиленген тартипте датанылышы мүмкүн.

### 4. Шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоочуларды жана шайлоонун башка катышуучуларын маалымдоо боюнча иши

19. Шайлоо комиссиялары, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка субъекттерин мыйзамдарга ылайык маалымдайт.

Маалымдоонун маңызы Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын, алары шайлоодо колдонуунун өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүнү, шайлоо процессин жүзөгө ашыруунун мөөнөттөрү жана тартиби жөнүндө шайлоо процессинин катышуучуларына кабарлоону, шайлоочулардын тизмелерин тактоону, добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоочулардын келүүсү жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары тууралуу маалыматтарды жарыялоону түзөт.

20. Талапкер/талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө, шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө, зарыл шайлоо аракеттерин жүзөгө ашыруунун мөөнөттөрү жана тартиби жөнүндө, шайлоо мыйзамдары тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоочуларды маалымдоо милдети шайлоо комиссияларына жүктөлөт.

Жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет басылмалар шайлоолор, талапкер/талапкерлер, саясий партиялар, алардын шайлоо алдындагы программалары (платформалары) жөнүндө, шайлоо кампаниясынын жүрүшү, добуш берүүнүн жыйынтыктары жана натыйжалары жөнүндө калкка маалымдоого чакырат.

Жалпыга маалымдоо каражаттары колдонуудагы мыйзамдарга жана ушул Жобого ылайык шайлоочуларды маалымдоону ишке ашырат жана жарандарды маалымдоонун аныктыгы үчүн жоопкерчиликти алат.

21. Шайлоочуларды жана шайлоонун башка катышуучуларын маалымдоо, шайлоонун бардык баскычында жүзөгө ашырылат жана жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуунун кепилдиги болуп саналат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана шайлоо комиссиялары шайлоону дайындоодон тартып, шайлоонун натыйжаларын расмий жарыялаганга чейин аларды жүзөгө ашыруунун бардык шайлоо аракеттери жана мөөнөттөрү тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоочуларга жана шайлоонун башка катышуучуларына маалымдайт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоону дайындоо, шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жана актуалдаштыруунун тартиби, саясий партияларды, талапкерлерди көрсөтүүнүн жана каттоонун мөөнөттөрү жана тартиби, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби, шайлоону жана саясий партиялардын, талапкерлердин шайлоо кампаниясын финансылоо, добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн мөөнөттөрү жана тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө жөнүндө маалыматтар жарыяланат.

Шайлоо комиссиялары добуш берүүнүн жыйынтыгын жана шайлоонун жыйынтыктарын аныктоого байланышкан бардык протоколдордун жана башка документтердин ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө камсыз кылууга милдеттүү.

22. Шайлоо комиссиялары майыптыгы бар шайлоочуларга маалымдоо боюнча зарыл чараларды көрөт.

Маалыматтык материалдар сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) даярдалып, окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, Брайль арибин жана (же) тексттик файлдарды үн же тактилдик сигналдарга кайра өзгөртүүчү экранда жеткиликтүүлүгүнүн компьютердик программалар, ошондой эле башка атайын каражаттар орнотулган атайын жабдууну (тифлокаражаттарды) пайдалануу менен даярдалышы керек.

Көрсөтүлгөн нормаларды ишке ашыруу максатында Борбордук шайлоо комиссиясынын жумушчу тобу социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан алынган маалыматтын негизинде майыптыгы бар жарандар үчүн артыкчылыктуу болгон атайын форматта чыгарууга сунушталган материалдардын тизмеги боюнча маалыматтарды берет. Атайын форматта чыгарууга сунушталган материалдардын тизмеги майыптыгы бар жарандардын коомчулугу менен макулдашуудан өтөт жана даярдоого жөнөтүлөт.

23. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги катталган саясий партиялардын тизмесин түзөт жана шайлоону дайындоо жөнүндө чечим күчүнө кирген күндөн тартып 3 календардык күндөн кеч эмес ар бир саясий партиянын жетекчисин көрсөтүү менен тизмени Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактарында жарыялоону камсыз кылат жана ушул эле мөөнөттө аталган тизмени Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтөт.

24. Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди/талапкерлерди, саясий партияны каттагандан кийин тийиштүүлүгү боюнча шайлоо мыйзамдарына ылайык белгиленген мөөнөттө ар бир талапкердин фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын, иштеген жерин, ээлеген кызмат ордун жана жашаган жерин, ошондой эле саясий партия көрсөткөн талапкерлердин партияга таандуулугун көрсөтүү менен каттоо жөнүндө билдирүүнү басма сөздө жарыялайт.

25. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер/ талапкерлер же саясий партия талапкер/талапкерлер катталган күндөн тартып 5 күндөн кеч эмес бирден аз эмес республикалык мезгилдүү басма сөз басылмасында өзүнүн шайлоо алдындагы программасын жарыялайт, ошондой эле аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо алдындагы программасы жарыяланган басма сөз басылмасынын көчүрмөсү Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

26. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттагандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен, саясий партиялардын аталыштарын, ошондой эле саясий партиядан талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин, өзүн-өзү көрсөткөн талапкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын, ээлеген кызмат ордун (ишинин түрүн) көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесин каттоо жөнүндө билдирүүнү басма сөздө жарыялайт.

Аймактык шайлоо комиссиялары аймактык жалпыга маалымдоо каражаттары менен келишимдин негизинде шайлоочуларга жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жүрүшү тууралуу маалымдайт.

27. Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 75 календардык күндө шайлоочулардын тизмеси менен таанышуунун зарылдыгы жөнүндө, жалпыга маалымдоо каражаттары жана башка жеткиликтүү ыкмалар аркылуу шайлоочулардын тизмесиндеги өзүнүн маалыматтарын тактоо тууралуу шайлоочуларга маалымдоого милдеттүү.

Мамлекеттик телерадио уюмдар, республикалык бюджеттен каржыланган башка телерадио уюмдары жана санариптик көрсөтүүнүн социалдык пакетине кирген телерадио уюмдары өздөрүн шайлоочулардын тизмесинен текшерүүнүн зарылдыгы жөнүндө, добуш берүүгө катышуунун тартиби жөнүндө, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө, шайлоо кампаниясынын этаптары жана шайлоо процессинин башка маселелери тууралуу шайлоочуларды маалымдоо үчүн жетиштүү көлөмдө Борбордук шайлоо комиссиясына акысыз эфирдик убакытты берүүгө милдеттүү.

28. Көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жөнүндө, талапкердин жана саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын түшүүсү жана чыгымдалышы, талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорундагы финансылык отчеттору тууралуу шайлоочуларды маалымдоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

29. Мамлекеттик телерадио уюмдары жана республикалык бюджеттен каржылануучу башка телерадио уюмдары Борбордук шайлоо комиссиясына, катталган талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо жөнүндө маалыматты акысыз жеткирүү жана жайгаштыруу үчүн бирдей шарттарды камсыз кылууга милдеттүү.

30. Добуш берүү убактысы жана орду жөнүндө участкалык шайлоо комиссиялары шайлоочуларды жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башкача ыкма менен добуш берүү күнүнө 10 календардык күн калганда кечиктирбестен, ал эми мөөнөтүнөн мурда жана кайталап добуш берүүнү өткөрүүдө – добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирбестен кабарлоого милдеттүү.

31. Добуш берүү үчүн үкөккө салынган, шайлоо бюллетендеринин санына негизделген добуш бергендердин саны жөнүндө маалымат ар бир 2 саатта аймактык шайлоо комиссиясына берилет, аймактык шайлоо комиссиясынын системалык администратору алынган маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына киргизет жана автоматтык түрдө жарыялайт. Добуш берүү үчүн үкөккө салынган, шайлоо бюллетендеринин санына негизделген добуш беришкен шайлоочулардын саны жөнүндө акыркы маалымат шайлоо участкасы жабылары менен, бирок бюллетендери бар урналар ачылганга чейин Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

32. Шайлоочуларды жана шайлоонун башка катышуучуларын маалымдоо максатында ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси 5 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат жана участкалык шайлоо комиссиясынын кире беришиндеги такталарга илинет.

Тиешелүү шайлоо округундагы/аймагындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары округдук/аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан чыгарылат жана шайлоонун жыйынтыктары тууралуу протоколдун чоңойтулган формасы жалпы элдин таанышуусу үчүн округдук/аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген жерге илинип коюлат.

33. Аймагында шайлоо комиссиясынын иш аракети жайылтылган ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун натыйжалары шайлоо округу/аймагы боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын жана түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколунда камтылган маалыматтардын көлөмүндө шайлоочуларга, саясий партиялардын өкүлдөрүнө, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө алардын талабы боюнча таанышуу үчүн берилет.

Ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшүшүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына токтоосуз жайгаштырылат.

Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпы маалыматтарды шайлоонун натыйжасы чыгарылгандан кийин бир сутканын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберет.

34. Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле талапкер/талапкерлер, талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлер алган шайлоочулардын добуштарынын, бардык талапкерлерге каршы, бардык саясий партияларга каршы берилген добуштардын саны жөнүндө маалыматтарды, алардын негизинде шайлоонун натыйжалары аныкталган түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунда камтылган маалыматтарды кошуп алганда, расмий жарыялоо, шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

35. Жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар шайлоонун жүрүшү жөнүндө жарыяланган маалыматтардын аныктыгын камсыз кылууга милдеттүү. Тигил же бул талапкерге/талапкерлерге же саясий партияга шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү белгилерин камтыган маалыматтарды жайылтууга тыюу салынат.

Бул талаптарды бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН 2017-ЖЫЛДЫН 11-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №437 "МАМЛЕКЕТТИК ТЕЛЕРАДИО УЮМДАРДЫН КАНАЛДАРЫНДА АКЫСЫЗ ЭФИР УБАКТЫСЫН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК МЕЗГИЛДҮҮ БАСЫЛМАЛАРДА АКЫСЫЗ БАСМА АЯНТЫН БӨЛҮШТҮРҮҮ БОЮНЧА ЧҮЧҮКУЛАКТЫ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ" НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 9-июнундагы №113 конституциялык Мыйзамынын 2-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Мамлекеттик телерадио уюмдардын каналдарында акысыз эфир убактысын жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянтын бөлүштүрүү боюнча чүчүкулакты өткөрүү тартиби жөнүндө" 2017-жылдын 11-сентябрындагы №437 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянтын бөлүштүрүү боюнча чүчүкулакты өткөрүү тартиби жөнүндө нускама ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Төрага Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №59***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №59 токтомуна тиркеме*

## Мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянтын бөлүштүрүү боюнча чүчүкулакты өткөрүү тартиби жөнүндө НУСКАМА

1. Ушул Мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянтын бөлүштүрүү боюнча чүчүкулакты өткөрүү тартиби жөнүндө нускама (мындан ары – Нускама) Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянтын бөлүштүрүү боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн жол-жобосун жөнгө салат.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысын жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянтын бөлүштүрүү боюнча чүчүкулакты өткөрүү датасын, убактысын жана ордун өз алдынча аныктайт.

Чүчүкулак талапкерлерди каттоо аяктаганда, бирок добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күндөн кеч эмес, ал эми кайталап добуш берүүнү өткөрүүдө – кайталап добуш берүү дайындалган күндөн тартып 1 күндөн кеч эмес өткөрүлөт.

3. Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары, ээлери) мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга караштуу мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттен финансыланган жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча жеңилдиктерге ээ болгон жалпыга маалымдоо каражаттары талапкерлерге шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана басма аянттарына бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга милдеттүү.

4. Катталган талапкер/талапкерлер өздөрүнө аларга мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз эфир убактысы жана мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда акысыз басма аянты берилишине укуктуу. Көрсөтүлгөн эфир убактысы теле- жана радиопрограммалар алда канча көп аудиторияны чогулткан 20:00дөн 24:00гө чейинки мезгилге туура келүүгө тийиш.

5. Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагына көрсөтүүнү ишке ашырган телерадио уюмдарынын каналдарында өткөрүлгөн кошмо үгүт иш-чараларында (дебаттарда жана башка ошого окшош иш-чараларда) катталган талапкерлер өздөрү гана катышууга тийиш.

Катталган талапкер/талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана колдоочу топторунун мындай иш-чарага катышуусуна жол берилбейт.

Кошмо үгүт иш-чараларына катышуудан баш тартканда же келбей койгондо башка учурга эфирдик убакыт берилбейт.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы чүчүкулакты өткөрүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен катталган талапкерлерге убактысы жана орду жөнүндө маалымдайт жана акысыз эфир убактысын жана басма аянтын алуу үчүн чүчүкулакка катышууга алардан келип түшкөн арыздарды каттайт.

7. Чүчүкулакты өткөрүү датасы, убактысы жана орду жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин катталган талапкерлер чүчүкулакты өткөрүү күнүнө чейин 1 календардык күн мурда Борбордук шайлоо комиссиясына чүчүкулакка катышуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызды жөнөтүүгө тийиш. Чүчүкулакка талапкерлер Борбордук шайлоо комиссиясына арызды берген датасына жана убактысына жараша кезек боюнча киргизилет.

8. Чүчүкулакка төмөнкүлөр катышат:
– талапкерлер;
–катталган талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү;
– жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

Чүчүкулакты өткөрүүдө коомдук, анын ичинде эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнө байкоочу катары катышууга жол берилет.

9. Чүчүкулак ар бир телерадио уюм жана басылма боюнча өз-өзүнчө өткөрүлөт.

10. Мезгилдүү басылмалардагы басма аянт беттерде жайгашкан орду боюнча жана газета чыгуучу дата боюнча чүчүкулак аркылуу бөлүштүрүлөт. Телерадио уюмдардын каналдарындагы эфир убактысы, эфирге чыгуу датасы, жана шайлоо алдындагы үгүттүн түрлөрү боюнча (жеке сөз сүйлөө, дебаттар жана «тегерек столдор») чүчүкулак аркылуу ар бир телерадио уюмдары боюнча өз-өзүнчө бөлүштүрүлөт.

11. Чүчүкулакты уюштуруу жана өткөрүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын буйругу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлеринин ичинен беш адамдан турган Чүчүкулак боюнча топ түзүлөт.

12. Чүчүкулакты өткөрүү үчүн Чүчүкулак боюнча топ катталган талапкерлердин саны боюнча бирдей, номер коюлган шарларды даярдайт, алар эркин формадагы тунук эмес сыйымдуулукка жайгаштырылат. Катталган талапкерлер же ыйгарым укуктуу өкүлдөрү номер коюлган шарларды кезек-кезеги менен алып чыгат.

13. Алынып чыккан шарлардын номерлерине ылайык акысыз эфир убактысын жана акысыз басма аянтын берүүнүн (№1 тиркемеге ылайык) графиги түзүлөт.

14. Чүчүкулактын учурунда катталган талапкердин Ф.А.А. же катталган талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ф.А.А. кезектүүлүк аныкталуучу позиция (жеке сөз сүйлөө, дебаттар, «тегерек стол», басылмалардын беттериндеги материалдарды жайгаштыруу орду) жана алынып чыккан шардын номери жарыя кылынат. Чүчүкулактын натыйжалары протокол менен жол-жоболоштурулат. Маалыматтар (№ -тиркемеге ылайык) чүчүкулакты өткөрүү протоколуна киргизилет.

15. Эфир убактысын, басма аянтты бөлүштүрүү боюнча чүчүкулактын протоколуна тиешелүү телерадио уюмдардын жана басылмалардын катышып олтурган өкүлдөрү, ошондой эле катталган талапкерлер же катталган талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол коет.

16. Чүчүкулактын натыйжасында белгиленген эфирдик убакытты бөлүштүрүү графиги Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен бекитилет жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына, тийиштүү түрдө мамлекеттик мезгилдүү басма сөз басылмасында жарыяланат.

17. Талапкерлер пайдаланбагандыгына байланыштуу бошогон акысыз эфир убактысы жана жалпыга маалымдоо каражаттарындагы басма аянты тиешелүү телерадио уюмдары жана мезгилдүү басма сөз басылмалары менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан пайдаланылат.



## "МАНАС ОРДО" МАСШТАБДУУ ЖАҢЫЛАНАТ

Талас районундагы Таш-Арык айылында орун алган "Манас Ордо" комплексинде ири масштабдуу жаңылануу иштери башталды. Комплексти Борбор Азия чөлкөмүндөгү уникалдуу маданий жана технологиялык борборго айлантуу аракеттери колго алынууда. Бул иштерге бардык каражат республикалык бюджеттен каралган.

Анын алкагында комплексте заманбап конгресс-холл, жалпы аянты 1000 чарчы метрди түзгөн беш конок үйү, эки кабаттуу административдик имарат курулат. Мындан сырткары, комплекстин аймагы кеңейтилет.

Бул тууралуу "Манас Ордо" комплексинин директору Камил Мамадалиев билдирди. "Ушул тапта курулушка керектүү техникалардын баары келип калды. Музейдеги бардык экспонаттарды башка имаратка көчүрүп, коопсуздугун сактоо максатында камералар орнотулууда. Реконструкциянын алкагында музейге кошумчаланып жаңы имарат салынат. Мындан тышкары заманбап шарттагы резиденция куруу пландалууда. Комплекстин кире беришиндеги башкы арка жаңыланат. Жаңы мейманкана да салынат. Комлекстеги түлөөкана сырт тарапка көчүрүлөт. Маданий иш-чаралар үчүн ири сахна да курулат. Бул иштердин баарын 13 ай аралыгында бүткөрүү пландалууда", - дейт музей директору.

Эске салсак, оңдоо иштерине байланыштуу 2025-жылдын 1-августунан тартып Улуттук тарыхый-архитектуралык "Манас Ордо" комплексине кирүүгө чектөө коюлуп, убактылуу жабылган.

## ӨСКӨН ДАНИКЕЕВ АКЫРКЫ САПАРГА УЗАТЫЛДЫ



Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, профессор, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Өскөн Даникеев 90 жаш курагында дүйнөдөн кайтты.

Маркум менен коштошууга Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин биринчи орун басары Союзбек Надырбеков, коомдук жана саясий ишмерлер, жакындары жана санаалаштары келишти. Союзбек Надырбеков Өскөн Даникеевди элибиздин улуттук жүрүм-турумдарын, үрп-адатын, каада-салтын, руханий байлыгын, адеп-ахлактык мурасын, адабият жааты аркылуу, жазмалык өнөрдүн чеберчилиги менен башка улуттарга, дүйнөгө тааныткан белгилеп, жакындарына көңүл айтты.

Андан кийин сөз алып сүйлөгөндөр кыргыз адабиятына жаңылыктарды алып келген Өскөн Даникеевдин жогорку адамгерчиликтүүлүгүн белгилешип, чыгармачылыгынын үстүндө талыкпай изденген, өз ишинин кесипкөйү, кыргыз адабиятынын өрнөктүү адамы болгондугун айтышты.

Эл жазуучунун сөөгү 15-августта жума күнү "Ала-Арча" көрүстөнүнө коюлду.

## ДАРЫГЕРЛЕРДИН САНЫ КЫСКАРДЫ

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, 2020-жылы өлкөдө 14,2 миң дарыгер иштесе, 2024-жылдын акырына карата алардын саны 13,7 миңге чейин кыскарган. Бул 10 миң адамга 19 дарыгер туура келет дегенди түшүндүрөт. Динамикага коронавирустук пандемия таасир эткен. 2020-жылы эпидемия күчөгөн маалда саламаттыкты сактоо системасына дарыгерлердин жүктөмү кескин көбөйүп, COVID-19 пандемиясынын курч фазасы жоюлгандан кийин кээ бир дарыгерлер кесипти таштап кетүүнү чечишкен. Аймактардагы ооруканалардагы дарыгерлер менен камсыз кылуу да бир калыпта эмес.

## 21 КҮНДҮН ИЧИНДЕ



Нарын районунда кулаган "Куюш" көпүрөсү 21 күндө салынып, пайдаланууга берилет. Бул тууралуу Унаа жана жолдор министри Абсаттар Сыргабаев билдирди. Анын айтымында, темир көпүрө 3-4 айдан бери жасалып жаткан, эми коюлат. Жеринде орнотуу боюнча иштер жүрүүдө. Эске салсак, 13-августта Нарын районундагы Эки-Нарын айылын облус борбору менен байланыштырган көпүрө кулап, КамАЗдын айдоочусу сууга агып кеткен.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы, Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ СОКУЛУК, ЫСЫК-АТА, МОСКВА, ӨЗГӨН, НООКЕН, АКСЫ ЖАНА БАТКЕН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 30-июлундагы №7 Чүй облусунун Сокулук районунун Сары-Өзөн айылдык кеңеши боюнча;

– Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 30-июлундагы №8 Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айылдык кеңеши боюнча;

– Москва аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 8-августундагы №8 Чүй облусунун Москва районунун Миң-Булак айылдык кеңеши боюнча;

– Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 31-июлундагы №9 Ош облусунун Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айылдык кеңештери боюнча;

– Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы №8 Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Момбеков айылдык кеңеши боюнча;

– Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 7-августундагы №10 Баткен облусунун Баткен районунун Алтын-Бешик айылдык кеңеши боюнча.

2) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде, Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Сары-Челек айылдык кеңеши боюнча депутат каза болгондугуна байланыштуу жергиликтүү кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Аксы аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 8-августундагы №4 чечими.

3) Жеке арызынын негизинде Баткен облусунун Баткен районунун Алтын-Бешик айылдык кеңеши боюнча депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу жөнүндө Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 7-августундагы №10 чечими.

4) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 30-июлундагы №7 Чүй облусунун Сокулук районунун Сары-Өзөн айылдык кеңеши боюнча;

– Москва аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 8-августундагы №8 Чүй облусунун Москва районунун Миң-Булак айылдык кеңеши боюнча;

– Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 31-июлундагы №9 Ош облусунун Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айылдык кеңештери боюнча;

– Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы №8 Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Момбеков айылдык кеңеши боюнча;

– Аксы аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 8-августундагы №4 Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Сары-Челек айылдык кеңеши боюнча;

– Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 7-августундагы №10 Баткен облусунун Баткен районунун Алтын-Бешик айылдык кеңеши боюнча.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, "Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Сокулук, Ысык-Ата, Москва, Өзгөн, Ноокен, Аксы жана Баткен аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык;

– Сокулук, Москва, Өзгөн, Ноокен, Аксы жана Баткен аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**3.** Сокулук, Москва, Өзгөн, Ноокен, Аксы жана Баткен аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**4.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №60***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №60 токтомуна 1-тиркеме*

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери**

| № | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин номери, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| Чүй облусу | | | |
| Сокулук району | | | |
| 1. | Сокулук АШК, №7, 30.07.2025-ж. (21.07.2025-ж., өз арызы) | Сары-Өзөн айылдык (№5 Сары-Өзөн шайлоо округу ) | Долоталиев Манас Джолдошбекович |
| Ысык-Ата району | | | |
| 2. | Ысык-Ата АШК, №8, 30.07.2025-ж. (21.07.2025-ж., өз арызы) | Узун-Кыр айылдык (№3 шайлоо округу) | Гаук Александра Васильевна |
| Москва району | | | |
| 3. | Москва АШК, №8, 08.08.2025-ж. (04.08.2025-ж., өз арызы) | Миң-Булак айылдык (№6 шайлоо округу) | Лугма Паншер Ибларович |
| Ош облусу | | | |
| Өзгөн району | | | |
| 4. | Өзгөн АШК, №9, 31.07.2025-ж. (24.07.2025-ж., өз арызы) | Кызыл-Октябрь айылдык (№3 Кызыл-Сеңир шайлоо округу) | Мурзанбетов Акжол Абдашимович |
| Жалал-Абад облусу | | | |
| Ноокен району | | | |
| 5. | Ноокен АШК, №8, 05.08.2025-ж. (30.07.2025-ж., өз арызы) | Момбеков айылдык (№3 Чек шайлоо округу) | Тажик уулу Максаткул |
| Аксы району | | | |
| 6. | Аксы АШК, №4, 08.08.2025-ж. (Каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0319774 күбөлүгү Аксы райондук ЖААК бөлүмү тарабынан 29.07.2025-жылы берилген) | Сары-Челек айылдык (№1 Мукур шайлоо округу) | Узенбай уулу Улан |
| Баткен облусу | | | |
| Баткен району | | | |
| 7. | Баткен АШК, №10, 07.08.2025-ж. (28.07.2025-ж., өз арызы) | Алтын-Бешик айылдык (№5 Сай шайлоо округу) | Мамырова Шайыргүл Мамытовна |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №60 токтомуна 2-тиркеме*

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечими**

| № | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин номери, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| Баткен облусу | | | |
| Баткен району | | | |
| 1. | Баткен АШК, №10, 07.08.2025-ж. (04.08.2025-ж., өз арызы) | Алтын-Бешик айылдык (№5 Сай шайлоо округу) | Закиров Бадал Абдугапарович |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 15-августундагы №60 токтомуна 3-тиркеме*

**Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери**

| № | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|
| Чүй облусу | | | | |
| Сокулук району | | | | |
| 1. | Сокулук АШК, №7, 30.07.2025-ж. (22.07.2025-ж., өз арызы) | Сары-Өзөн айылдык (№5 Сары-Өзөн шайлоо округу ) | Анарбек кызы Гулира | Мугалим |
| Москва району | | | | |
| 2. | Москва АШК, №8, 08.08.2025-ж. (08.08.2025-ж., өз арызы) | Миң-Булак айылдык (№6 шайлоо округу) | Маслянов Мухамед Идрисович | Жеке ишкер |
| Ош облусу | | | | |
| Өзгөн району | | | | |
| 3. | Өзгөн АШК, №10, 31.07.2025-ж. (30.07.2025-ж., өз арызы) | Кызыл-Октябрь айылдык (№3 Кызыл-Сеңир шайлоо округу) | Мурзакаримов Баяс Камчыбекович | Жеке ишкер |
| Жалал-Абад облусу | | | | |
| Ноокен району | | | | |
| 4 | Ноокен АШК, №8, 05.08.2025-ж. (04.08.2025-ж., өз арызы) | Момбеков айылдык (№3 Чек шайлоо округу) | Урбаев Зайирбек Кадырович | №21 "Кызгалдак" балдар бакчасында кароолчу |
| Аксы району | | | | |
| 5 | Аксы АШК, №4, 08.08.2025-ж. (07.08.2025-ж., өз арызы) | Сары-Челек айылдык (№3 Чек шайлоо округу) | Нурматов Дурусбек Турдубаевич | Аксы райондук билим берүү бөлүмүнүн бухгалтери |
| Баткен облусу | | | | |
| Баткен району | | | | |
| 6. | Баткен АШК, №10, 07.08.2025-ж. (06.08.2025-ж., өз арызы) | Алтын-Бешик айылдык (№5 Сай шайлоо округу) | Мадеминов Жылдызбек Иматалиевич | Убактылуу иштебейт |

## БИШКЕК ЖАНА АКСЫ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген "Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Жайнакова Болдубубу Жунушовна берген арызына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Айыпова Салтанат Айыповна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Аксы аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Таалайбекова Алтынай Таалайбековна, Ажыбек кызы Айпери берген арыздарына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Кутманова Феруза Абийбиллаевна, Масалбекова Рахат Масалбековна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.**.Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-августу, №61***

***Мырзаканов Исмайил Исакбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы ЧН№1098454, берилген күнү 03.02.2023-ж., идентификациялык код 3-10-09-1005-0412) жана техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

## МИНИСТЕРСТВА ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Объявляет конкурс на предоставление юридическим лицам права ведения охотхозяйственной деятельности на определенных охотничьих угодьях Кыргызской Республики:**

| № | Номера лотов | Номера участков охотничьих угодий и наименование региона их расположения | Площадь участков (в га) |
|---|---|---|---|
| 1 | 4 | Жалал-Абадская область | 235 149,4 |
| 2 | 5 | Жалал-Абадская область | 220 136,0 |

В конкурсе могут принять участие юридические лица, имеющие соответствующие учредительные документы, которые подтверждают направление их деятельности в сфере охоты и охотничьего хозяйства, руководители которых имеют государственные охотничьи удостоверения категорий «А»; «Б».

Участники конкурса могут получить пакет форм конкурсной документации по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик 2, кабинет 146.**

**№ телефона +996 (559) 30-11-20 Акпаралыев Д.В.**

Заявка, конкурсная документация и дополнительные документы принимаются **с 19 августа 2025 года по 18 сентября 2025 года**, по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик 2, кабинет 146.**

График проведения конкурса:
– **8 октября 2025 года в 10.00 часов** – по лотам № 4, 5;
по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик 2, 1 этаж, кабинет 145.**

С/О 729

## "НУР Телеком" ЖЧКсы ("О!")

***2025-жылдын 29-августунан тартып өзүнүн абоненттерин "Бүткүл Дүйнө!" кызматынын алкагында Россияга, Өзбекстанга, Түркмөнстанга жана Турцияга эл аралык чалуулардын баасы көтөрүлө тургандыгын маалымдайт.***

Толук маалыматты сиздер компаниянын **www.o.kg** расмий сайтынан же О! тармактарынын ошондой эле бекер сурап-билүү тейлөө кызматынан жана сатуу кеңселеринен **707, 789 телефону** боюнча алууга болот.

КРМТжБМК караштуу МБАнын: № 6-0062-КР, 06.12.2016-ж., №16-0063-КР, 06.12.2016-ж. лицензиялары.

С/О 726

## ООО «НУР Телеком» («О!»)

***уведомляет своих абонентов о том, что в рамках услуги «Весь Мир!» с 29.08.2025 будет повышена стоимость международных вызовов в Россию, Узбекистан, Туркменистан и Турцию.***

Более подробная информация размещена на сайте www.o.kg, также информацию можно узнать в бесплатной справочной службе О! по тел. 707, 789 и в офисах продаж и обслуживания сети О!.

Лиц. №16-0062-КР от 06.12.2016, №16-0063-КР от 06.12.2016 ГАС при ГКИТиС КР

## ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН ЖЕРДЕ ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНА СУУ ТРАНСПОРТУ ДЕПАРТАМЕНТИНИН ЧҮЙ-БИШКЕК АЙМАКТЫК БАШКАРМАЛЫГЫ

**төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга сынак жарыялайт:**

| № | Лоттун номуру | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | V | VI |
| 1 | 25 | №351 "Бишкек (ЧАБ) – Кемин АС" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 14 |
| | | №352 "Бишкек (ЧАБ) – Орловка ш." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 7 |
| | | №361 "Бишкек (ЧАБ) – Ак-Түз а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 2 |
| | | №384 "Бишкек (ЧАБ) – Кызыл-Суу а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 2 |
| | | №388 "Кемин АС – Токмок АБ" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 2 |
| | | №194 "Кемин АС – Кызыл-Октябрь а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 2 |
| | | №192 "Кемин АС – Орловка АК" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 5 |
| 2 | 26 | №1 "Базар-Перевал база» (шаардык Кемин ш.)" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 4 |
| 3 | 27 | №351 "Бишкек (ЧАБ) – Кемин АС" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 4 |
| | | №352 "Бишкек (ЧАБ) – Орловка ш." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 2 |
| | | №388 "Кемин АС – Токмок АБ" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 4 |
| | | №325 "Бишкек (ЧАБ) – с .Бейшеке" (экспресс)" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| | | №191 "Кемин (АС) – с. Бейшеке" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| | | №189 "Кемин (АС) – Ак-Түз а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 2 |
| | | №913 "Кемин (АС) – Кызыл-Суу а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| 4 | 28 | №351 "Бишкек (ЧАБ) – Кемин АС" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 8 |
| | | №352 "Бишкек (ЧАБ) – Орловка ш." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| | | №361 "Бишкек (ЧАБ) – Ак-Түз а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| | | №384 "Бишкек (ЧАБ) – Кызыл-Суу а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| | | №388 "Кемин АС – Токмок АБ" | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 5 |
| | | №387 «Бишкек (ЧАБ) – с. Ильич» (экспресс), | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 3 |
| 5 | 29 | №309 "Бишкек (ЧАБ) – Тегирменти а." | ыраатама менен | кыймыл-чиймеге ылайык | 12 |

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат.

Конкурстун катышуучулары, Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин официалдуу сайтына **(aat.gov.kg) 2025-жылдын 19-августунан баштап 2025-жылдын 17-сентябрь саат 18.00гө чейин** катыша алышат.

Маалымат алуу үчүн **Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 7Б, Байланыш телефон: (0312) 54-14-30** кайрылса болот.

Сынак **2025-жылдын 18-сентябрь күнү саат 10.00дө** Автоматташтырылган электрондук сынак боюнча иштелип чыккан программаны колдонуу менен өткөрүлөт.

**Сынак комиссиясы**

С/О 728

## ЖОГОЛДУ
### УТЕРЯ

***Джолдошева Кулбайра Толукбаевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы №0037338 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-413

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Абдрахманов Рустам Абдрахманович код ОКПО 22804147 считать недействительным.***

М.б.

***Сыдыгалиев Олжобек Болоткановичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0084204 (10.01.1996-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-417

***Рахматбек уулу Нуржанга таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн ОКПО коду 29565616 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.Т.

***Алмазбеков Бектурга таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн ОКПО коду 28005298 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.Т.

***«Кыргыз Эко Экспорт» ЖЧКга тиешелүү кыймылсыз мүлкүнүн техникалык паспорту (идентификациялык коду 3-01-07-013-637) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Сулайманов Санжарбек Ырысбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы ЧН№495243, идентификациялык код 3-04-09-0008-0089) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Пратов Турдушали Чокмаковичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы ЧН№372656, берилген күнү 23.03.2012-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***В связи с утерей Гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №Ч 125778 на имя Исаковой Гулийпы Исановы считать недействительным.***

П/П 413

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №388420 на имя Иваненко Зинаиды Павловны считать недействительным.***

Н-420

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

КЫРГЫЗ БАНКЫ

**төмөнкү багыттар боюнча ачык сынак жарыялайт:**

- ***Төлөм системалары методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгынын санарип жана финансы технологияларын өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси бош кызмат ордуна – 1 бирдик;***
- ***Юридика башкармалыгынын мыйзам долбоорлору менен иштөө бөлүмүнүн башкы юристи бош кызмат ордуна – 1 бирдик.***

Документтер **2025-жылдын 1-сентябрында саат 17.00гө чейин** кабыл алынат.

Сынакка катышуу үчүн талапкерлерге карата коюлган квалификациялык талаптар, алардын функционалдык милдеттери жана тиешелүү документтердин тизмеси Улуттук банктын **www.nbkr.kg** расмий интернет-сайтында *(«Ишке кабыл алуу»/«Бош турган кызмат орундары» бөлүгүндө)* жайгаштырылган.

**Бардык суроолор менен Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Персонал менен иш алып баруу бөлүмүнө же (0312) 66-90-18 телефондору аркылуу кайрылууга болот.**

## Открытое акционерное общество «Фрунзенский домостроительный комбинат»

***уведомляет о проведении Внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится: 18 сентября 2025 года в 11.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Ауэзова, 1/34 в здании управления (конференц-зал) ОАО «ФДСК».***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Об увеличении уставного капитала ОАО «ФДСК».
3. О внесении изменений и дополнений в Устав, и принятие его в новой редакции.
4. Об одобрении сделок, совершенных Обществом в первом полугодии 2025 года.

Начало регистрации **в 9.30 ч.**

В случае невозможности Вашего участия в работе собрания Вы можете передать право голоса своему уполномоченному представителю по доверенности, оформленной в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики.

С материалами, подлежащим представлению акционерам при подготовке к проведению собрания, можно ознакомиться у секретаря Общества, у главного бухгалтера.

**Справки по телефону: 63-73-36, 63-73-87.**

С/О 727

***Абасова Айгульга тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1308586 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-414

***Аппазова Назокатхон Исраиловнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28973483 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

Н-415

***Пазылова Зарина Маматалиевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы №147993, сатуу жана сатып алуу келишими №7012021-57455 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Сыдыгалиев Жекшенбек Болоткановичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0082079 (10.01.1996-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-416

***Беккожоева Маанагуль Шаршекеевнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЧА №1077 (12.12.1998-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-418

## ОАО «МФК «ИнвесКор СА»

***информирует о выплате доходов по шестому процентному периоду второго транша по именным процентным облигациям первого выпуска***

- **Номер выпуска:** KG 0201224613;
- **Ставка доходности:** 19% годовых;
- **Номинальная стоимость облигаций:** 1000 (одна тысяча) сом;
- **Дата начала выплат дохода:** 21 августа 2025 года;
- **Дата составления списка владельцев ценных бумаг для получения дохода:** 15 августа 2025 г.;
- **Форма выплат:** денежные средства;
- **Место выплаты:** ОАО «МФК «ИнвесКор СА», г Бишкек, ул. Коенкозова, 75 либо путем перечисления на банковский счет держателя облигаций согласно поданного заявления.

## ОАО «Акжолтой»

**Настоящим уведомляет о существенном факте:**

*Выплаченные доходы по ценным бумагам (начисленные дивиденды)*

**Период выплаты дивидендов за 2024 год.**

**Начала выплаты дивидендов** 10.04.2025 г.

**Количество акционеров, имеющих право на получение дивидендов** 240 человек.

**Общая сумма начисленных дивидендов** - 3769524 сом.

**Количество акционеров, получивших дивиденды** - 73 человек.

**Общая сумма выплаченных дивидендов** - 3347466 сом.

**Количество акционеров, которым не выплачены дивиденды** - 167 человек.

**Общая сумма не выплаченных дивидендов** - 422058 сом.

**Количество ценных бумаг, по которым не выплачены дивиденды** - 111068 простых акций.

**Причины невыплаты:** неявка акционеров.

С/О 724

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

***о выплате дохода по облигациям пятого транша четвертого выпуска (рег.№ KG 0204211518 от 11.01.2023 г.) за девятый процентный период, дата выплаты с 10 августа 2025 г.***

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 51 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 1 187 500,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 46 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 1 180 612,50 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 6 887,50 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 5 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 29 |
| Причина невыплаты | не востребованы инвестором* |

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО “МФК “АБН”, предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

С/О 723

***Решением Свердловского районного суда г.Бишкек от 11 октября 2024 года, ОсОО “НАРКТОО” признан несостоятельным (банкротом).***

Собрание кредиторов ОсОО “НАРКТОО” **02.09.2025 года в 11.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, пр. Жибек-Жолу, 503.**

**Повестка дня:**

**1.** Информация специального администратора.
**2**. Вопрос о реализации активов должника.
**3**. Разное

Представителям кредиторов должны при себе иметь оформленную обоснованную претензию и доверенность.

Н-412

***Токтогул районуна караштуу Токтогул шаарынын тургуну Медетбеков Арзыбек Фронтбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №129156 (28.02.2008-ж.) иден. коду: 3-07-01-1001-1662 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-419

***Гезитибиздин 2025-жылдын 15-августундагы №61 (3717) санынын 6-бетиндеги Калыбаева Ракыя Абдыкапаровнанын жарыясы (П/П-038) жараксыз деп табылсын.***

П/П 255

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №062586 на имя Омуровой Анары Шакировны считать недействительным.***

Н-404

***Бейшенбаев Айдарбек Токторбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №181783 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-406

***Чаканов Эдилбек Сайпидиновичке тиешелүү адвокаттык лицензиясы №3262 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-407

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Туйтуев Азат Темирбекович код ОКПО 30872134 считать недействительным.***

М.б.

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №0582 (от 15.02.1999 г.) на имя Джалпановой Душенкуль Токшаревны считать недействительным.***

М.б.

***Батырбеков Марат Турдубаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1256190 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-409

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №147781, 147761 на имя Джумабекова Урмата Мырзабековича считать недействительным.***

Н-410

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №669 (от 18.02.1999 г.) на имя Служаевой Натальи Павловны считать недействительным.***

Н-411

***Өзгөн районунун тургуну Усонова Айимбу Ажигитовнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29830998 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 546

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

**Кабылдама**
**62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 379. Нускасы 5197
Басууга 18.08.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ПИКИР

# “Эчкилүү-Тоо” туристтик жайга айланышы керек



Биз кылымдап дүйнө эли суктанган керемет тоолорубузду малга пайдаланып келдик. Доор алмашып, заман өзгөрдү. Бүгүн алтындай тоолорубузду туризмге пайдаланууга мезгил келди. 2003-жылы Швейцариялык адистер келип: “Кыргызстан туристтик өлкө” деп бизди окутушкан. Тилекке каршы туризм өзүнчө тармак болбой, адистештирилбей, ар кимге көз каранды болуп, туризм жөнүндө түшүнүгү жок жетекчилер тармакты башкарып, туризм өнүкпөй келген. 2023-жылдан бери Президентибиз Садыр Жапаров туризм тармагына өзгөчө көңүл буруп баштаганы жакшы болду. Биз улуу баатыр Манасыбыз жана улуу керемет Ала-Тообуз менен сыймыктанабыз. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, өнүккөн өлкөлөрдө туризм өнүгүүнүн сап башына чыгып, мамлекетти тааныткан, көп каражат түшүргөн тармакка айландырышып, техникалык жетишкендиктерди колдонушуп, көп каражат түшүрүп жатышат.

Эмне үчүн, биздин колдон келбейби? Ооба, мал чарбачылыгы илгертен келе жаткан ата кесип. Байыртадан кыргыз эли малдан агарып-көгөрүп келген. Бирок, заман бир ордунда турбайт экен да. Азыр 21-кылым илим менен техниканын заманы. Биз цивилизациядан артта калбашыбыз керек. Туризм тармагы мал чарбачылыгына караганда көп эсе пайда берип, жумуш ордун түзүп, экологияны сактаганга шарттайт. Бизде мал көбөйүп, жаратылышыбызды, бак-дарактарды кемирип талкалап жатат. Ошол себептен, туризм тармагын да колго алып, иштейм дегендерге мал күткөндөй эле мүмкүнчүлүк бериш керек. Эгерде биз ата-мекенибиздин келечегин ойлосок, туризм тармагын кеңири жайылтышыбыз керек.

Кийинки кезде мезгил талабына туура аракет болуп, туризм тармагы колго алынганы жакшы болуп жатат. Кыргызстанды таанытуу, жумуш орду жана каражат түшүрүүнүн кыска жолу туризм. Ушундан улам Манас районундагы тарыхый мааниге ээ “Эчкилүү-Тоо” аймагын туристтик жайга айландыруу учурдун талабы болуп турат. Ошол себептен менин сунушум:

1. “Эчкилүү-Тоонун” керектүү чек арасын аныктап, инвентаризация жүргүзүп, улуттук корукка алып, тарыхый-маданий мурастык эстелик жай катары ЮНЕСКОго каттатуу;
2. “Эчкилүү-Тоону” Эл аралык ыйык тоолордун уюмуна каттатуу (Япония);
3. “Эчкили-Тоону” жайы-кышы иштөөчү республикалык маанидеги туристтик базага айландырып, туризмге, альпинизмге, дельтапланеризмге, зыяратчыларга жана окуучуларга шарт түзүп берүү үчүн ТУРИСТТИК БАЗА АЧУУ;
4. “Эчкилүү-Тоого” асма (канатный) жол салдыруу;
5. “Эчкилүү-Тоонун” алдындагы ат майданды мамлекет колго алып, талаптагыдай ат-майдан курууну колго алышса.

Эгерде бул сунуштар ишке аша турган болсо, Ыйык касиеттүү Эчкилүү-Тоого оомат келип, Манас атабыздын арбагы колдоп, Эл аралык туристтик Борборго айланар эле.

**Анаркул МАМЫТОВ,**
**“Эчкилүү-Тоо” ЖЧКсынын уюштуруучусу, жетекчиси**

ЧЕТ ЖЕРДЕГИ МЕКЕНДЕШТЕР

**Мадина ИЛИЯЗОВА:**

# “Түркияда медицина мыкты өнүккөн”

Мадина Илиязова 24 жашта. Баткен облусунун Кадамжай районундагы Кара-Жыгач айылында төрөлүп өсүп, Ноокатка келин болгон. Кесиби боюнча кийим тигүү, мода дизайнери. Үй-бүлөлүү, жолдошу экөө бир уулду тарбиялап жатышат. Мекендешибиз 4 жылдан бери үй-бүлөсү менен Түркияда жашайт. Анткени, жолдошу кесиби боюнча кардио-хирург, медициналык билимин Түркияда жогорулатып жатат. Жаш жубайлардын изги тилеги, алган билим-тажрыйбасын Кыргызстанга арнасак деп тилек кылышат. Мекендешибиз Мадина Илиязова Түркиядагы жашоосу, таасирленткен окуялары тууралуу ой бөлүштү.



- Түрк эли меймандос, бай маданияты бар, боорукер калк. Бул өлкөдө жарандар арасында кайрымдуулук иштерине өзгөчө басым жасалаары да кубантат. Ар бир калк же жарандын жашоого, маданиятка карата баалуулуктары сыяктуу, бул шаарда өзүнө тиешелүү болгон сапат, өзгөчөлүктөр бар. Түркияда үй-бүлө курган адамдарга “качан балалуу болосуңар?” деп суроо салуу өөн учурайт. Анткени эки жаш бири-бирине толук көзү жетип, жада калса, үй-бүлөлүк кирешесине карап эсеп менен гана балалуу болууну пландашат. Бала пландоого кеминде 5-6 жыл сарпташат.

### АЙНЕК ИДИШКЕ КУЮЛГАН “ТҮРК ЧАЙЫ” ЖАНА ТАҢКЫ ТАМАКТАНУУ

- Түркия дегенде, албетте түрк ашканасы оюбузга келет. Кызарта демделген тюльпандын элесинде жасалган айнек идишке куюлган чайы канчалаган адамдарды өзүнө тартаары анык. Негизинен түрк ашканасынын тарыхы терең, ар биринин жасалуу эрежеси катуу сакталган, өтө даамдуу жана ден соолукка пайдалуу тамак-ашка бай десем жаңылбайм. Түрктөрдүн туура тамактануусу куйрук май, ич май деген түшүнүктөн сырткары, тек гана зайтун, сары май колдонуудан баштайт. Айрымдар гана өсүмдүк май, маргарин колдонбосо, маргаринге бышкан токочтун даамын жытынан билишет. Негизинен түрк эли үйдүн тамагын аябай баалашат жана бир гана аял жасаш керек дебей, дайыма эркектери чогуу жардам берип, кол кабыш кылышат. Анан албетте, таңкы тамактанууга өзгөчө көңүл бурушат. Таңкы тамак, сөсүз жумуртка, зайтун, сыр, жашылча-жемиш жана көк чөп таза суу менен желип, тамактан жарым сааттан соң гана кара чай, кургатылган жемиш же таттуу менен ичилет. Ашыкпай отуруп кара чай ичүү салты, аял менен эркектин махабатын ачкан, бири-бирине сыйлуу адам катары маектештирип убакыт өткөрүүгө өбөлгө болчу эң сонун убак деп билишет.

### САПАТТУУ ТАМАК-АШ

- Тамак-аш азыктарына келсек, кез келген дүкөндөн каалаган азыктын халал түрүн табууга болот. Мындан сырткары шаардагы кичи райондордо жумасына 1 ирет жашылча базар уюштурулат. Ал жерден жер-жемиш жана мөмөнүн жаңы үзүлгөнүн (свежий) сүт азыктарынын түрүн дыйкан, фермерлердин колунан соодалашып алабыз.

### МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨДӨ СЫЛЫК МАМИЛЕ ӨЗГӨЧӨ

- Баарыбыз билгендей, Түркияда медицина мыкты өнүккөн. Медициналык тейлөө кызматында сылыктык жана этиканы сактоо абдан жогору. Ар бир дарыгер өз жумуштарын так аткарышат. Жакын туугаңым түрк ооруканасынан көз жарып, тууганы катары жанында болгом. Көз жарган эненин жанына дарыгер келип «Шекерим, балым менин, өзүң кандай сезип жатасың? Бул дарыны бир аз суу менен ичип алсаң, сага күч-кубат болот, сен кандай азаматсың, дени сак баланы өз күчүң менен дүйнөгө алып келдиң!» деп бир таблетка дарыны ушунча алкоо сөз менен сунду. Мен өзүмчө, бул эмне деген адамгерчилик деп сүйүндүм. Түркияда мамлекеттик жумушта иштеген кызматкерлердин ичинен эң жогорку айлыкты дарыгерлер алышат. 2-орунда мугалимдер, 3-орунда аскер кызматкерлери. Ооруканаларга кайрылууда тил билбесең көйгөй жаралышы мүмкүн. Электрондук кезек системасы, оорукананын чоңдугунан сага керек дарыгердин иш бөлмөсүн таап баруу да өзүнчө бир түйшүктү жаратып калышы ыктымал. Билимдүүгө дүйнө жарык дегендей, Түркиядагы эң алдыңкы өнүккөн ооруканаларда иштеп да, билим алып да жаткан кыргыз мекендештерибиздин саны арбын.

### “ТЕЛЕФОНСУЗ” БАЛА ТАРБИЯЛОО ЖАНА ТУУРА ТАМАКТАНУУ

- Телефон көзгө зыян дейбиз. Бирок, көздөн мурда, баланын мээсине зыяны көбүрөөк. Мындан улам, уулубузга телефон, телевизор көрүүсүн чектеп койгонбуз. Ал нерсенин жыйынтыгы абдан сонун. Балада өзгөрүүлөр, умтулуулары, аракеттери өзгөчө, башкача экени туюлат. Телефонсуз жашоо баланын физикалык, психикалык абалына оң таасирин тийгизет. Тамак кеч бысса, үйүм жыйналбай турса мейли, мен ар убак баламды карооо аракет кылам. Бизде телефон менен баланы алаксытуу деген түшүнүк жок. Балага телефонду берип кыйынчылык тартканга караганда, телефон бербей баланы кароо алда канча жеңил жана жагымдуу. Мындан тышкары туура тамактанууга да басым жасайбыз. Ушул багытта инстаграмм баракчам аркылуу жаш энелерге пайдалуу маалыматтар менен бөлүшүп, блог алып барам. Жаш балдарга таттууну ченемден көп берүү да зыян экени белгилүү. Үйдө таттуунун ордуна жашылчаларды колдонуу күнүмдүк рационго киргизилген. Балабыз жашылчаларды, өзгөчө кызыл, жашыл, болгар калемпирлерин момпосуй сыяктуу жейт. Ата-эне жакшы көндүмдөрдү кайталаса эле, бала сөзсүз аны аткараарына



шек жок. Жаш эне катары дүйнөдө бир нече жаңы оорулардын пайда болушу мени абдан тынчсыздандырат. Андыктан, ар бир ата-эне жана балдардын саламаттыгы үчүн туура тамактануу, сергек жашоону тандоо, стресс чыңалуулардан оолак болуу зарыл дейт элем. Аны менен катар балабызга кыргыз калпагын кийгизип жүрүүнү адат кылганбыз. Бул нерсе уулубузду мекенин сүйүүгө, патриоттуулукка үндөйт деп ойлойбуз. Сейил бакта, эс алуучу жайларда калпак тууралуу сурап, кызыккандар көп болот.

### МЕКЕНДЕШТЕР ЖОЛУГУШУП ТУРАБЫЗ

- Түркиядагы кыргыз мекендештер байма-бай жолугушуп турабыз. Сүйлөшкөнүбүз Кыргызстандагы өзгөрүүлөр, билим алуу, балдарды тарбиялоо сыяктуу, заман талабындагы темалар болот. Жолугушуубуз ар дайым жаңы маалымат, инсайттар менен толукталып турат. Соңунда даамдуу кыргыз, түрк тамактары менен тамактанып, үйлөрүбүзгө тарайбыз. Чет жердеги бардык мекендештердин тилеги – сапар карыганда, бары бир өз өлкөбүзгө барып жашап, кызмат кылсак деген аруу тилектебиз.

**Даярдаган**
**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**